# ОШ ЖАЗУУЧУЛАРЫ

Ош – 2000

Формуляр книги
83.3Ки корг
450765

83.3Ки корг
О-96

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН
ОШ ОБЛУСТУК БӨЛҮМҮ

ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ ОШ ОБЛУСТУК КИТЕПКАНА

# ОШ
# ЖАЗУУЧУЛАРЫ

## жазуучулардын таржымалы жана чыгармачылык жолу тууралуу маалыматнаме

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 450765

СБО

Ош ш., 2000 – жыл.

ББК 84 КИ 7-4

О-96

О-96 Ош жазуучулары. Жазуучулардын таржымалы жана чыгармачылык жолу тууралуу маалыматнаме.
Түзүүчү авторлор: Жээнбек Каримов, Бактыгүл Мырзаева, Улукбек Мамытов, Рахима Махмудова. — Ош, 2000-ж. 94 бет.

ISBN 9967-20-207-6

Рецензиялаган: Филология илимдеринин кандидаты, профессор Жээналы Шериев.

Редакциялаган: Токтобай Сулайман.

Бул китеп Ош жазуучуларынын кыскача өмүр таржымалын, чыгармачылык жолун камтыган маалыматнаме жана ал биринчи жолу чыгарылды.

Аталган китепти чыгаруудагы демилгени кызуу колдоп, аны басып чыгаруунун жарым чыгымын төлөп бергендиги үчүн «Сорос-Кыргызстан» фондусунун жетекчилигине, ошондой эле жарым чыгымды төлөөгө демөөрчүлүк кылганы үчүн «Сулайман-Тоо — Ош-3000» коомдук фондунун жетекчилигине да окурмандардын терең ыраазылыгы билдирилет.

4702300100-99 ББК 84 КИ 7-4

ISBN 9967-20-207-6
© Ж. Каримов, Б.Мырзаева, У. Мамытов, Р.Махмудова.

# ТҮЗҮҮЧҮЛӨРДӨН

Оштогу жазуучулардын өмүр баяны жана чыгармачылыгы жөнүндөгү маалыматнаме (био-библиографиялык жыйнак) облустун тарыхында биринчи жолу чыгарылып жатат. Мындай маалыматнаме Кыргызстанда мурда бир нече жолу чыккан. Ал эми эң акыркысы Камбаралы Ботояров менен Раиса Момунбаева тарабынан түзүлүп, 1989-жылы жарык көргөн жана ага Жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүндөгү 8 жазуучунун маалыматы берилген. Андан бери он жыл өтүп, республикада жазуучулардын саны эки эсеге жакын көбөйгөндүгүнө карабастан мындай маалыматнамени түзүү мүмкүнчүлүгү азырынча боло элек. Элибиз бир нукта кайталана берчү партиялык саясаттын кучагынан бошонуп, өз алдынча эгемендүү мамлекеттүүлүккө жетишкенден берки он жылдыкта дүйнө таанымга кеңири эшик ачылып, анын шарапаты менен адабий жана маданий казынабызга, рухий байлыгыбызга кайрадан серп салып, аны бүгүнкү күндүн өңүтүнөн түгөлдөп алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкендигибиздин өзү — биздин муундун пешенесине жазылган бактылуулук. Түптүүлүгүндө рухий көрөңгөлүү эл экенибиз, бүгүнкү өткөөл мезгилдин экономикалык татаал шартында жашап, көйгөйлүү тиричиликтин таш-пишинен колу жукарганына карабастан көркөм адабиятка, аны жараткан калемгерлердин чыгармачылык жолуна кызыккан окурмандын, анын ичинде айрыкча студенттердин, окуучулардын саны күндөн-күнгө артып барат. Бул көңүл кубантаарлык көрүнүш. Облустагы калемгерлердин таржымалы жана чыгармачылык жолу тууралуу билиш үчүн жазуучулар Союзунун Оштогу бөлүмүнө да, Токтогул атындагы облустук китепканага да көптөгөн кайрылуулар болду. Ошондой эле бул китеп Оштун 3000 жылдык маарекесине келген меймандарды да кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз. Ушул себептерден улам маалыматнамени түзүү зарылдыгы келип чыкты.

Маалыматнаме 1999–жылдын 1-октябрына карата түзүлүп, Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун Ош облустук (кыскартуу үчүн мындан ары «Жазуучулардын Оштогу бөлүмү» деп алынды.) бөлүмүндө катталган 51 жазуучунун таржымалы жана чыгармачылык жолу тууралуу маалыматты камтыды.

Маалыматнамени түзүүдө ГОСТтун талабына ылайык-таштыруу, материалды энциклопедиялык ыкмада жайгаштыруу, кичинекей көлөмгө көбүрөөк маалымат камтуу, фактылардын так болуусу эске алынды. Маалыматнамени түзүүгө жазуучулардын өздөрү жазып берген анкеталык маалыматтары негиз болду жана Республикадан мурда чыгарылган (1976, 1989) маалыматнамелерге да таянылды. Бирок, студенттердин жана окуучулардын суроо-талаптарын эске алып, мурда республикадан чыгарылгандарга караганда бул китепте жазуучулардын өмүр жана чыгармачылык жолу жөнүндө бир кыйла кеңейтилген маалыматтар берилди. Чыгармачылык көрсөткүчтөрүнө жазуучулардын өзүнчө чыккан китептери жана коллективдүү жыйнактар киргизилип, жарык көргөн тилдерде хронологиялык ырааттуулукта берилди. Чыгармалардын хронологиялык чеги 1957-1999-жылдарда жарык көргөн китептерди камтыйт. Чыгармачылык жолун жазууда, сөздөрдү жана сөз тизмектирин кыскартууда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик китеп палатасы кабыл алган кыскартуулар колдонулду. Чыгармачылыкты жазуу өзүнчө жарыя-ланган китептин атын, чыгарылган жерин, жылын жана бет санын камтыды.

Мурда Республикада чыгарылган маалыматнамелерге салыш-тырганда бул жыйнак бир топ өзгөчөрөөк түзүлдү жана бул анын библиографиялык да, тарыхий да баасын арттырат.

Анткени, маалыматнамеге Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзу, анын тутуму, өткөргөн съезддери, биринчи жетекчилери жана Ош облустук бөлүмү жөнүндө кыскача маалыматтар камтылды.. Мындан тышкары жазуучунун өмүр жолуна кыйла кененирээк орун берилип, анын жубайынын, балдарынын аттары аталып, неберелеринин саны көрсөтүлдү. Жазуучунун эң алгачкы чыгармасынын аты, жарыяланган басылманын аты жана датасы берилди. Ошондой эле жазуучунун чыгармачылыгы жөнүндө сын пикирлердин тизмеси киргизилип, анда анын автору, жарыяланган басылмасы жана датасы камтылды.

Ошентсе да маалыматнаме жазуучунун өмүр таржымалындагы жана чыгармачылыгындагы өтө зарыл маалыматты толук камтыбай калышы мүмкүн. Мына ушундан улам, мындай басылманы дагы да тактоо жана жакшыртуу боюнча иш улантыла бермекчи. Ошондуктан автор – түзүүчүлөр бул басылма тууралуу кошумча маалыматтарды жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүнө жөнөтүүнү өтүнөөр эле.



# ЖАЗУУЧУЛАР УЮМДАРЫ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУ

Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзу Республикадагы жазуучуларды бириктирип турат жана чыгармачылык Союз болуп эсептелинет. Анын максаты — жогорку идеялык-көркөмдүк деңгээл-деги көркөм чыгармалардын жаралышын шарттоо, калемгерлердин кесиптик чеберчилигинин өсүшүнө таасир берүү, жазуучуларды өз чыгармачылык эмгектери үчүн коомчулук алдындагы тийиштүү жоопкерчилигин сезе билүүгө тарбиялоо иштерин жүргүзүү.

Кыргызстандык жазуучулардын эң алгачкы «Кызыл учкун» бирикмеси 1927-жылы Фрунзе шаарында түзүлгөн. Ал эми 1930-жы-лы мурдатан иштеп келе жаткан адабий ийримдер бириктирилип, пролетардык жазуучулардын Кыргызстандагы ассоциациясы уюштурулган. 1931–жылдын сентябрында Кыргызстанда «Чабуул» аттуу эң алгачкы адабий-көркөм журнал жарык көргөн. Ал эми 1932-жылдын 16-июлунда жазуучулардын ассоциациясы өзгөртүлүп, «Кыргызстан жазуучулар Союзу» деп аталып калган. Анын алдында поэзия, проза, драматургия, сын, балдар адабияты, чыгармачыл жаштар менен иштөө, көркөм котормо,орус жазуучулары боюнча секциялар уюштурулган. 1983-жылдан тартып «Манасты» башка тилдерге которуу жана жайылтуу секциясы иштей баштаган. 1966-жылы жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмү уюштурулган, ал эми 1988-жылга чейин Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарында адабий кеңешчилер иштеп келишкен.

Кыргызстан ЖСнын органы катары «Ала-Тоо», «Литера-турный Киргизстан» журналдары, «Кыргызстан маданияты» гезити чыгып турган. Көркөм адабиятты жайылтуу бюросу, адабий фонд, жазуучулардын «Арашан» чыгармачылык Үйү иштеп келе жатат.

Кыргызстан ЖСнын биринчи съезди 1934-жылы өткөрүлгөн, экинчиси – 1954-ж., үчүнчүсү – 1959-ж., төртүнчүсү – 1966-ж., бешинчиси – 1971-ж., алтынчысы – 1976-ж., жетинчиси – 1981, сегизинчиси – 1986-ж., тогузунчусу – 1992-ж., онунчусу – 1994-жылы өткөрүлгөн.

Кыргызстан ЖСнын төрагасы болуп иштешкендер:

А.Токомбаев (1934-1937-ж.ж.) Т.Үмөталиев (1937-1940-ж.ж.), К.Баялинов (1940-1954-ж.ж.), А.Салиев (1954-1960-ж.ж.), Т.Абдумомунов (1960-1971-ж.ж.), Т.Аскаров (1971-1986-ж.ж.), Ч.Айтматов (1986-1991-ж.ж.), А. Жакшылыков (1991-1995) Ж.Мавлянов (1995-1996-ж.ж.) Н.Алымбеков (1996-жылдын декабрынан).

Кыргызстан ЖСнын мүчөлүгүндө 290 жазуучу турат.

## ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОШ ОБЛУСТУК БӨЛҮМҮ

Республикада кайсы багытта сөз козголбосун, ал мейли адабият жана маданият, мейли тарых же экономика болсун, анын баарында Ош облусунун өзүнчө татыктуу орду бар. Жалаң калемгерлик дүйнөсүнө серп салсак, бул чөлкөмдөн Сооронбай Жусуев, Мамасалы Абдукаримов, Камбаралы Бобулов, Салижан Жигитов, Кадыркул Даутов, Мурза Гапаров, Жолон Мамытов, Абдыганы Эркебаев, Маркабай Ааматов, Исраил Сулайманов, Айтмамат Үмөталиев, Таш Мияшов, Курбаналы Сабыров, Кармышак Ташбаев өңдүү акын-жазуучулар, сынчылар чыккан. Алардын эң мыкты ырлары, поэмалары, аңгемелери, повесттери, романдары жана сын-пикирлери алда качан эле элдин катмарына терең сиңип, көркөм сөз күйөрмандарынын сүйүктүү чыгармаларына айланган.

Улуттук көркөм адабият казынасынын байышына салымын кошуп келе жаткан калемгерлердин тээ жаш курагынан тарта калыптанышына Оштогу жазуучулар уюмунун да өзгөчө салымы бар экендигин айта кетүүгө тийишпиз.

Облуста чыгармачыл адамдарды баш коштуруу 1950-жылдарда башталган. Ошол жылдары облустук «Ленин жолу» гезитинде иштешкен Камчы Жунусов менен Сооронбай Жусуев гезиттин алдында адабий ийрим уюштурушкан. Кийинчерээк бул адабий ийримди Таш Мияшев жетектеген.

1959-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзу Ош, Ысык-Көл, Нарын облустарында адабий кеңешчилик кызматтарын уюштурган жана Ош облусуна кеңешчи болуп Таш Мияшев дайындалган.

1966-жылы Ошто жазуучулардын бөлүмү уюштурулуп, анын жетекчилигине Шабданбай Абдраманов дайындалган. Бул кызматта 1971-жылдан Исраил Сулайманов, 1976-жылдан 1999-жылга чейин Кармышак Ташбаев иштеп келишти. Ушул жылдар аралыгында бөлүмдө адабий кеңешчи болуп Шабданбай Абдраманов, Алымкан Дегенбаева, Сатыбалды Кадыровдор эмгектенишкен.

Кийинки жылдары Республикадагы жазуучулар топ-топко бөлүнүшүп, өз-өзүнчө жазуучулар бирликтерин уюштуруп кетишкенде оштук жазуучулар да экиге бөлүнүшкөн эле: мурдагы жазуучулар бөлүмүн Кармышак Ташбаев, Эркин жазуучулар уюмун Таш Мияшев башкарып калышты.

Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун жана Ош облустук мамлекеттик администрациясынын демилгелери менен 1999-жылдын март айында Оштогу жазуучулардын жалпы жыйыны өткөрүлүп, анын жыйынтыгында жазуучулар ынтымакка келишти жана мурдагы эки бөлүм бириктирилип, Республиканын жазуучулар Союзунун Оштогу бөлүмү болуп уюштурулду жана анын 9 жазуучулардан турган башкармалыгы түзүлүп, курамына Каримов Ж., Камалов А., Мияшев Т., Ташбаев К., Шериев Ж., Жакыпов М., Закирова Т., Култегин К., Жороев Т. шайланышты.

Бул чоң жыйынга Кыргызстан жазуучулар Союзунун президенти Н.Алымбеков, вице-президенти М.Ааматов. Кыргыз эл акыны Ж.Садыков жана Ош облустук мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары А.Закировдор катышышкан.

Бөлүмдүн төрагалыгына Жээнбек Каримов, жооптуу катчылыгына жазуучу Абдимитал Камалов шайланган. Бирок көп өтпөй 1999-жылдын 8-июлунан жалпы чогулушта А.Камалов орун басарлыка шайланып, бөлүмдүн жооптуу катчылыгына Улукбек Мамытов дайындалган. 1999-жылдан 1- октябрына карата уюмдун 47 мүчөсү бар. Мындан тышкары көзү өткөн жазуучулар төртөө: С.Кадыров, А.Маннанов, И.Сулайманов, А.Үмөталиев.

## ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН МҮЧӨЛҮГҮНӨ ӨТКӨН МЕЗГИЛИ

| | |
|---|---|
| 1957 – жылы | — А. Үмөталиев |
| 1959 – жылы | — Т. Мияшев |
| 1967 – жылы | — М. Жакыпов |
| 1971 – жылы | — К. Ташбаев |
| 1976 – жылы | — А. Абдугафуров |
| 1981 – жылы | — А. Камалов |
| 1985 – жылы | — С. Кадыров |
| 1987 – жылы | — У. Таштемиров |
| 1988 – жылы | — Э. Осмонов |
| 1989 – жылы | — А. Жакыпов, Т. Сулайманов, К. Култегин |
| 1991 – жылы | — Т. Закирова, Ж. Каримов, М. Сапаев, Н. Сайдуллаев |
| 1994 – жылы | — М.Ашырбеков , А. Жээнбеков, М. Иминжанов |
| 1995 – жылы | — Ж.Акунова, М.Жуманова, А.Маннанов |
| 1996 – жылы | — С.Абдраев, К.Бекмурзаев, М. Жаныбеков Т.Жороев, А.Каримов, Р.Каримов, С.Кулиев, Т.Кенжээв, А. Малаев, И. Мусаев, А.Нурдинов, Э.Тиллебаев, Д.Туратов, С.Шарипова, Ж.Шериев |
| 1997 – жылы | — А.Абдувапов, Ю. Абдуллаев, С.Абылов А. Барпиев, У. Мамытов, В.Умаров, А. Урбаев |
| 1998 – жылы | — П. Ирисов, Т. Куттубаев, А. Мисиров З. Пасаңова. |
| 1999 – жылы | — С.Жетимишев, Ж.Курашев |

## ОН ЖЫЛДЫКТАР БОЮНЧА ТОПТОО

Мүчөлүккө өткөндөрдүн саны

| | |
|---|---|
| 1950 – 1960 – жылдары | 2 |
| 1961 – 1970 – жылдары | 2 |
| 1971 – 1980 – жылдары | 2 |
| 1981 – 1990 – жылдары | 7 |
| 1991 – жылы | 4 |
| 1992 – 1999 – жылдары | 34 |
| Баары | – 51 |

Жазуучуларды чыгармаларынын басымдуу бөлүгүнө таянуу менен жанрдык топко шарттуу түрдө төмөндөгүдөй бөлүүгө болот: прозада – 10, балдар адабияты – 3, поэзия – 21, драматургия – 3, сатира – 4, публицистика – 6, сын – 3, котормо – 1. Бул алибетте шарттуу төрдө гана бөлүштүрүү, анткени көпчүлүк жазуучулар бир нече жанрда үзүрлүү иштеп келе жатышат.

### ЖАШЫ БОЮНЧА

| | |
|---|---|
| 31 – 40 жаштагылар | 2 |
| 41 – 50 жаштагылар | 11 |
| 51 – 60 жаштагылар | 20 |
| 61 – 70 жаштагылар | 13 |
| 71 жаш жана андан улуулар | 1 |
| Баары | – 47 |

ЖСнын Ош облустук бөлүмүндө иштеп жаткан жанрдык секциялар: поэзия (жетекчиси А.Урбаев, орун басарлары, М.Жуманова, У.Мамытов), проза (жетекчиси З.Пасанова, орун басарлары Ж.Жээнбеков, А.Абдувапов), драматургия (А. Абдугафуров, С. Жетимишев), балдар адабияты (Ж.Жээнбеков, Э. Тиллебаев), очерк, публицистика ( М. Сапаев, Т.Кенжеев ), сатира (М.Иминжанов.,В.Умаралтегин),сын жана адабият таануу (П.Ирисов, Ж.Шериев ), котормо (Т. Сулайманов, М. Жаныбеков ).

## НААМДАР ЖАНА СЫЙЛЫКТАР

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТЫНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРЛЕР :

А. Абдугафуров (1980), М. Жакыпов (1968), Т. Закирова (1996), Т. Кенжеев(1987), Т. Мияшев (1993), Қ. Ташбаев (1995).



### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮСҮНӨ ЭМГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕР:

Д. Туратов (1997 ). Ж.Шериев (1991 ),

### ЭЛ АГАРТУУСУНУН МЫКТЫСЫ:

Ю.Абдуллаев (1985), А.Барпиев (1990), А.Жакыпов (1990), П.Ирисов (1997), А. Камалов (1994), А. Каримов (1994), Д.Туратов (1983). Ж.Шериев (1981).

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН ЖУРНАЛИСТИ:

А. Малаев ( 1988 ), И. Мусаев (1958 ).

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АРДАК ГРАМОТАСЫ:

А. Каримов (1973), Ж. Каримов (1995), А. Малаев (1975, 1985).

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГРАМОТАСЫ:

А. Абдугафуров (1977), М. Жакыпов (1951,1964), Т. Куттубаев(1975), Т. Сулайманов (1989). Э.Тиллебаев (1987)

### ЖУРНАЛИСТТЕР СОЮЗУНУН АРДАК ГРАМОТАСЫ:

С. Абдраев (1991, 1996), С. Абылов (1987), А. Жээнбеков (1996), Т. Сулайманов (1984), Э. Тиллебаев (1982, 1994),

### ТАЖИК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ТЕҢ УКУКТУУЛУК ҮЧҮН» ЭЛ АРАЛЫК СЫЙЛЫГЫ:

С. Шарипова (1999).

## ТҮРК МУСУЛМАН ӨЛКӨЛӨРҮНҮН АКЫНДАРЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК СЫЙЛЫГЫ:

**Т. Жороев (1994).**

## ВЦСПСтин АРДАК ГРАМОТАСЫ:

С. Шарипова (1984).

## ӨЗБЕК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АРДАК ГРАМОТАСЫ:

А. Каримов (1956 , 1957).

## ЭМГЕК КЫЗЫЛ ТУУ ОРДЕНИ:

М. Жакыпов (1967).

## ЭКИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ «АТА МЕКЕНДИК СОГУШ» ОРДЕНИ:

И.Сулайманов (1945). (Маркум Исраил Сулайманов Ата Мекендик согушка байланышкан мындан башка да 9 медаль менен сыйланган).

## «ДАҢК» МЕДАЛЫ:

А. Абдугафуров (1998) , Ж. Шериев (1998).

## «МАНАС» ЭПОСУНА 1000 ЖЫЛ» МЕДАЛЫ:

А.Абдугафуров (1995), К.Ташбаев (1995 ), Ж.Шериев (1995)

## «ЭМГЕКТИГИ АРТЫКЧЫЛЫГЫ ҮЧҮН» МЕДАЛЫ:

А.Каримов (1958), Э.Осмонов (1970), И.Сулайманов (1966 )

## «ЭМГЕКТЕГИ КААРМАНДЫГЫ ҮЧҮН» МЕДАЛЫ:

А.Каримов (1970), А.Малаев (1970),
Ж.Курашев (1970), А.Маннанов (1945)

## «АСКЕРДЕГИ КААРМАНДЫГЫ ҮЧҮН» МЕДАЛЫ:

У. Мамытов (1970).



## «ЖЕҢИШТИН 50 ЖЫЛДЫГЫ» МЕДАЛЫ:

А. Маннанов (1991)

## «КӨП ЖЫЛДЫК АК ЭМГЕГИ ҮЧҮН» МЕДАЛЫ:

А.Маннанов (1991) .

## «ВДНХ»НЫН МЕДАЛЫ :

С. Абдраев (1978).

## КӨРКӨМ АДАБИЯТТАГЫ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ҮЧҮН ТӨМӨНДӨГҮ ЖАЗУУЧУЛАР КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН АДАБИЙ СЫЙЛЫКТАРЫНЫН ЛАУРЕАТТАРЫ БОЛУШКАН:

## А. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ АДАБИЙ СЫЙЛЫГЫ:

1995–жылы Кожогелди Култегин «Дарбаза жолго ачылат» аттуу поэтикалык жыйнагы үчүн.

## «ЖЫЛДЫН МЫКТЫ КИТЕБИ ҮЧҮН» СЫЙЛЫГЫ:

1998 – жылы Жээнбек Каримов «Бекмамат Осмонов» аттуу көркөм баяны үчүн.

## ЖАШ АКЫНДАРДЫН ФЕСТИВАЛДАРЫНЫН ЛАУРЕАТТАРЫ:

А. Жакыпов (1977, 1986), С. Кадыров (1977), У. Мамытов (1974), А.Урбаев (1974).

## ИЛИМИЙ ДАРАЖАДАГЫ НААМДАР ЖАНА ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТТАРЫ:

П. Ирисов (1972), Д. Туратов (1971), Ж. Шериев (1973).

## ФИЗИКА-МАТЕМАТИКА ИЛИМИНИН КАНДИДАТЫ:

А. Барпиев ( 1982 ).

## ПРОФЕССОР:

Ж. Шериев ( 1990 ).

## «ЭМГЕК АРДАГЕРИ» МЕДАЛЫ:

| | |
|---|---|
| С. Абылов (1987), | А. Каримов (1989), |
| А. Барпиев (1989), | Ж. Каримов (1988), |
| П. Ирисов (1987), | А. Малаев (1985), |
| | Д.Туратов (1988). |

## КЕСИБИ БОЮНЧА:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Журналисттер | – 11, | экономист-юрист | –1, |
| филологдор | – 25, | биолог | –1, |
| физиктер | – 3, | музыковед | – 1, |
| инженер- технолог | – 3, | режиссёр | – 1, |
| тарыхчы | – 1, | баары | – 47 |

## ТУУЛГАН ЖЕРИ БОЮНЧА:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Алайдан | -9, | Сузактан | –3, |
| Аравандан | –6, | Лейлектен | –3, |
| Аксыдан | –1, | Ноокаттан | –4, |
| Кара–Суудан | –10, | Оштон | –2, |
| Кадамжайдан | –1, | Ысык-Көлдөн | –1, |
| Кара–Кулжадан | –6, | Нарындан | – 1 |
| | | баары | –47. |

## ПРЕЗИДЕНТТЕН ЖАНА АДАБИЙ ФОНДДОН СТИПЕНДИЯ АЛГАНДАР:

1996 – жылы: А. Абдугафуров, М. Жакыпов, А. Камалов, Т. Мияшев, М. Сапаев.
1997 – жылы: А. Камалов, Т. Сулайманов, К. Ташбаев.
1998 – жылы: А. Камалов, С. Кадыров, К. Ташбаев.

**Ж.КАРИМОВ.**

***Кыргызстан жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүнүн төрагасы.***





## АБДУВАПОВ АМАНГЕЛДИ

26.06.1947-ж.туулган

Публицист, жазуучу Амангелди Абдувапов Кара-Суу районунун Жоош айылында туулган. Ошол айылдагы Токтогул атындагы орто мектепти 1965–жылы бүтүрүп, «Кара–Суу» совхозунда жумушчу болуп иштеген. Ал 1970- жылдан ушул райондун «Агартуу», «Победа» мектептеринде пионер уюмунун башчысы, 1978–жылдан № 59 – кесипчилик – техникалык окуу жайынын кадр бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1985–жылы Оштогу педагогикалык институттун филология факультетин сырттан окуп бүтүрүп, Кара-Суу райондундагы Т. Бердибеков атындагы орто мектепте окутуучу болуп иштеп жатат.

Жубайы Батма айылдык фельдшер, Ибадат, Гүлназ, Санжар, Айгүл, Мээрбан, Самаган аттуу уул-кыздары бар. Кара-Суу районунун Мамажан айылында жашайт.

А.Абдуваповдун адабий чыгармачылык жолу алтымышынчы жылдардын аягында башталып, «Кыйраган өрүкзар» аттуу алгачкы аңгемеси райондук «Эмгек майданы» гезитинде жарык көргөн. Ал 1997–жылдан бери Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Күн бетинде жүгүргөн жоокер», аңгемелер. Ош, 1993, 48 бет.
«Акыркы мечит», аңгемелер. Ош, 1996, 20 бет.
«Мухит жамгырдан жаралат», даректүү баян. Ош, 1997, 112 бет.
«Өмүрдөгү издер», эскерүүлөр. Ош, 1999, 48 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Куттубаев Т. «Турмуш чындыгы чагылдырылган», «Ош шамы» гезити, 22.05.1993.

## АБДУГАФУРОВ АБДУГАНИ

17.12.1941-ж. туулган.



Сатирик, драматург, жазуучу Абдугани Абдугафуров Ош шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин биринчи эмгек жолун саат оңдоочулук мастерликтен баштаган. 1961–1966–жылдарда Ош мамлекеттик педагогикалык институтун сырттан окуп бүтүргөн. 1964–жылдан Ош облустук «Ленин йули» гезитинин адабий кызматкери, бөлүм башчысы болуп 1973- жылга чейин иштеген. Андан кийин 1983–жылга чейин Оштогу Бабур атындагы (мурдагы Киров) драма театрынын директору, 1984–85–жылдары Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун инструктору, 1988–жылы редакциялык өндүрүштүк бирикменин башкы директору болуп эмгектенген.

1990–жылдын март айынан Ош шаардык Аткаруу комитетинде, 1991–жылдан 1992–жылга чейин Ош шаардык Кеңешинде төраганын орун басары болуп иштеген. Шаардык Кеңештин депутаттыгына эки жолу шайланган.

1992–жылдан 1993–жылга чейин жумуш менен камсыздоо боюнча Ош облустук башкармасынын начальниги болуп иштеген, андан кийин Ош облустук өзбек тилинде чыгуучу «Ош садоси» гезитинин башкы редакторлугуна которулган.

Жубайы Эргешхан үй кызматкери. Диларам, Дилфуза, Дилбар, Рано, Надир, Давран аттуу уул–кыздары бар. Ош шаарында жашайт.

Маданият тармагындагы жана чыгармачылык, уюштуруучулук кызматтары үчүн Кыргыз Республикасынын грамотасын (1977) алып, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери деген наамга татыктуу болгон (1980) жана «Манас», «Даңк» (1998) медалдары менен сыйланган.

1978–жылы КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы жогорку мектепти сырттан окуп бүтүргөн.

Анын чыгармачылыгы алтымыш бешинчи жылдардан башталып, 1968–жылы биринчи жолу «Бушайман» аттуу комедиясы Оштогу Киров атындагы өзбек музыкалуу драма театрында коюлган. 1974–жылы биринчи ырлар жыйнагы жарык көргөн. Мезгилдүү басмаларда көптөгөн сценка, драмалары, сатиралык чыгармалары жарыяланып келген.



Жыйырмадан ашык пьеса, алты китептин автору. Ал бир топ драмаларды кыргыз жана өзбек тилдерине которгон.

Ал 1976-жылдан СССР жазуучулар Союзунун, ошондой эле журналисттер Союзунун, театр ишмерлери Бирлигинин мүчөсү.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Аталар мурасы», пьесалар. Бишкек, 1979, 128 бет.

«Сыйлык бөлүштүрүү», сатиралар. Бишкек, 1984, 80 бет.

«Күлкүнүн күчү», сатиралар, пьесалар. Бишкек, 1987, 128 бет.

«Мыскылдар», анекдоттор. Ош, 1991, 64 бет.

*Өзбек тилинде*

«Адашбай», ырлар. Ташкент, 1974, 112 бет.

«Сиз бир ёндан, биз бир ёндан», сатиралык аңгемелер, Ташкент, 1977, 96 бет.

«Юсупжан куудул», сатиралар. Ташкент, 1993 , 82 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Туратов Д. «Сөздүн күчү», Ош облустук «Ленин жолу» гезити, 28.03.90.

Туратов Д. «Кош тизгин колунда», «Ош жаңырыгы», 17.12.91.

Урбаев А. «Два крыла Абдугани Абдугафурова», «Мыскылдар» Ош, 1991. 7-14-беттер.

Сырымбетов А. «Мезгил жана театр», Бишкек, 1988-ж. 17-25-беттер.



## АБДУЛЛАЕВ ЮЛДАШАЛИ

6.03.1950-ж. туулган

Акын Юлдашали Абдуллаев (Иулдаш-Али) Өзбек Республикасынын Чуст районундагы Алмаз айылында туулган. Өзүнүн айылынан Фуркат аттуу мектепти, андан кийин Ферганадагы мамлекеттик университеттин филология факультетин бүтүрүп, 1973–жылдан Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы Энгельс атындагы мектепке окутуучу болуп ишке кирген. 1985–жылдан ушул райондун элге билим берүү бөлүмүндө усулчу, 1990–жылдан шаардагы элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1993-1997-жылдары Кара-Суу шаарындагы Ломоносов атындагы мектептин директору, 1977-1999-жылдары облустук «Ош жаңырыгы» гезитинде бөлүм редактору болгон. Акыркы жылдары өзбек тилинде чыгуучу Республикалык «ЯГДУ» адабий гезитинин редактору болуп иштеп жатат.

Жубайы Козубаева Салима мектепте окутуучу, Музаффар Жахангир, Умиджан, Азиза, Дилфуза аттуу уул-кыздары бар. Кара-Суу шаарында жашайт.

Ю.Абдуллаевдин адабий чыгармачылык жолу 1990-жылдары башталып, анын алгачкы ырлар жыйнагы 1994-жылы Ташкентте жарык көргөн. Ю. Абдуллаев кыргызчадан Ж. Мамытовдун, К.Ташбаевдин, А.Пазыловдун жана башка акындардын ырларын өзбек тилине которгон.

Ал Кыргызстан журналисттер Союзунун жана жазуучулар Союзунун ( 1997 ) мүчөсү.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Өзбек тилинде***

«Суз хам ватан», ырлар. Ташкент, 1994 , 38 бет.
«Дунёни тинглаш», ырлар. Ош , 1997 , 28 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Т. Исмаил. «Тыңлаң, шер окулуяпти», Анжияндын «Алтын вадий» гезити,14.10.1994-ж.

Т. Хужамбердиев. «Картибиңизни ойгатиң», «Кара-Суу таңы» гезити, 13.08.1995-ж.





## АБДЫРАЕВ СУЛТАН

25.06.1936-ж. туулган.

Прозаик Султан Абдраев Совет (азыркы Кара-Кулжа) районундагы Ылай-Талаа айылында туулган. Айылындагы орто мектепти бүткөндөн кийин колхоздо учётчик болуп иштеп жүрүп, 1959 – жылы Ош мамлекеттик techinstitutуna кирип, аны 1963–жылы аяктаган. Андан кийин мектептерде окутуучу болуп иштеп, 1966-жылдын октябрь айынан Өзгөн райондук «Октябрь туусу», 1969-жылдын июнь айынан Ош облустук «Ленин жолу» гезитинде адабий кызматкер жана 1988–жылдын сентябрь айынан Кара-Кулжа райондук «Мезгил үнү» гезитинде редактор болуп эмгектенген. Анан пенсияга чыккан.

Байбичеси Токтокан да пенсияда. Кубанычбек, Таалайбек, Алманбет, Мелисбек, Жанаргүл, Зыягүл, Чыракбек, Гүласел аттуу уул-кыздары, 8 небереси бар.

Үзүрлүү эмгеги үчүн ВДНХнын коло медалы (1978), журналисттер Союзунун Ардак грамотасы (1991, 1996) менен сыйланган.

Султан Абдыраевдин адабий чыгармачылык жолу 1957-жылдары башталып, анын «Чалгычы курбума» деген алгачкы ыры Совет райондук «Коммунизм үчүн» гезитинде 1958 –жылы жарыяланган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Акжуурат», повесттер. Бишкек, 1993, 94 бет.
«Үн». Аңгемелер. Ош, 1999, 48 бет.

450765

# АБЫЛОВ САПАР

5.05.1930-ж. туулган.



Прозаик, акын Сапар Абылов Алай районунун Жошолу айыл кеңешиндеги Мыязды кыштагында туулган. Орто мектепти аяктаган соң Оштогу эки жылдык мугалимдер институтуна кирип, аны 1949 –жылы, андан кийин сырттан окуу менен 1968-жылы Ош пединститутунун биология факультетин бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун 1951-жылы мектептерде окутуучулуктан баштап, 1958-жылдан Алай райондук «Социалисттик чарба» гезитинде корректор, адабий кызматкер болуп эмгектенген. Бул гезит 1966-жылдан «Күжүрмөн эмгек» аталган жана С. Абылов жаңы гезитке жооптуу катчы, редактордун орун басары болуп иштеп туруп, 1968-жылы республикалык «Советтик Кыргызстан» гезитине кабарчылыкка чакырылган. 1972-1989-жылдары Ноокат райондук «Колхозчу» гезитинде бөлүм башчы, 1989-1992-жылдары облустук жаратылышты коргоо комитетинде иштеп, 1992- жылдан пенсияга чыккан. Ушул комитеттин «Табият» аттуу гезитин С.Абылов өз демилгеси менен уюштуруп, 1992-жылдан бери өзү редактор катары чыгарып келе жатат. Жубайы Айчүрөк үй кызматкери, Лира, Бурул, Айчолпон, Таалайгүл, Алмаз аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашайт.

Үзүрлүү эмгеги үчүн С.Абылов «Эмгек ардагери» медалы (1987), Кыргызстан журналисттер Союзунун грамотасы (1987) менен сыйланган.

С. Абыловдун адабий чыгармачылык жолу 1970-жылдары башталып, анын ошол жылы «Эмгек каармандары» аттуу Кадамжай сурма комбинаты тууралуу алгачкы очерки Бишкектен өзүнчө китепче катары жарык көргөн. С. Абылов 1981-жылдан Кыргызстан журналистер Союзунун, ал эми 1997-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Беш сөз», балдар үчүн жомок. Бишкек, 1975 , 16 бет.

«Саамалык», аңгемелер. Бишкек , 1984 , 150 бет.

«Түштүк Кыргызстан экологиясы», публицистика. Бишкек, 1992, 160 бет.

«Падышанын сыйкыры», жомоктор. Ош , 1992, 100 бет .

«Махабат оту өчпөйт», ырлар. Ош, 1993, 80 бет.



# АКУНОВА ЖЫПАР

17.06.1959-ж. туулган.



Акын Жыпар Акунова Нарын облусундагы Тянь-Шань районуна караштуу 8-март айылында туулган. Мектепти бүтүргөндөн кийин Кыргыз улуттук университетине кирип, анын филология факультетин 1981-жылы аяктаган. Ж.Акунова 1981-1983–жылдары Республикалык «Ленинчил жаш» гезитинде кабарчы, 1984-1987-жылдары «Мектеп» басмасында кенже редактор, Ош облустук «Ленин жолу» гезитинде кабарчы болуп иштеген. Азыркы учурда «Кыргыз туусу» гезитинде кабарчы болуп иштеп келе жатат. Жолдошу Ташмаматов Акун Ош шаардык мамлекеттик администрациясында бөлүм башчы болуп иштейт, Рамаз, Ренат, Айпери аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашайт.

Ж. Акунованын адабий чыгармачылык жолу 1973-жылдан башталып, ошол жылы «Апакем» аттуу ыры «Кыргызстан пионери» гезитинде жарык көргөн.

Ж. Акунова 1995- жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Шок жылдыз», ырлар. Бишкек , 1985, 64 бет.

«Дил чырак», жаштардын үнү сериясы, ырлар. Бишкек , 1994, 70 бет.

## АШИРБЕКОВ МЫРЗАШ

7.02.1942-ж. туулган.



Жазуучу Мырзаш Аширбеков Ноокат районунун Кеңеш айылында туулган. Ал 1960-жылы айылындагы Ломоносов атындагы орто мектептин онунчу классын бүтүрүп, ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетине кирип, аны 1965-жылы аяктаган.

Окууну бүтүп келгенден кийин биринчи эмгек жолун Ноокат райондук «Колхозчу» гезитинде катардагы кабарчылыктан баштап бөлүм башчылыкка чейин иштеген. Андан кийинки журналисттик эмгек жолун Ош облустук телерадио Комитетинде кабарчы болуудан улантып, облустук «Ленин жолу» (азыркы «Ош жаңырыгы») гезитинде адабий кызматкер, андан кийин Оштон чыга баштаган «Новости экрана» журналынын редактору болуп иштеген.

Жубайы Султанова Карамат физика-математика мугалими. Роман, Саламат, Гүлзада, Айбек, Нурзада аттуу уул-кыздары жана 9 небереси бар.

М. Аширбековдун чыгармачылык жолу мектепте окуп жүргөн кездеринде эле башталып, биринчи «Турмуш кечүүсү» аттуу аңгемеси 1962-жылы «Ала-Тоо» журналында, ошол эле жылы Москва шаарынын «Молодая гвардия» басмасынан чыккан кыргыз жазуучуларынын «Ласточка» аттуу жыйнагында өмүр баяны менен «Жизнь интересна» деген аңгемеси басылган. Ошондон баштап анын көптөгөн аңгеме, көркөм чыгармалары облустук, республикалык гезит-журналдарда басылып келди. Айрымдары башка тилдерде да которулган.

Ал Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун (1965) жана жазуучулар Союзунун (1994) мүчөсү.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Коляска» аңгемелер, Бишкек, 1977, 102 бет.

«Табып, небере жана жылан» балдар үчүн, Бишкек, 62 бет



## БАРПИЕВ АЛИБАЙ

22.02.1942-ж. туулган



Акын Алибай Барпиев Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жерге-Тал айылында туулган. Ал 1959-жылы «Миң-Булак» орто мектебин бүтүрүп, Ош пединсти-тутунун физика-математика факультетине кирип, аны 1964-жылы аяктаган. Эмгек жолун мектепте окутуучулуктан баштап, андан кийин аскер кызматын өтөгөн соң 1966-жылы Минскидеги комсомолдук мектепти бүтүргөн.

1967 - жылдан Бишкектеги политехника институтунун Оштогу факультетинде окутуучу, 1974 - жылдан Ош пединститунда ага окутуучу болуп иштеген. 1979 - жылы Москвадагы М.В. Ломоносов атындагы мамлекеттик университетте аспирантурада окуп, 1982 - жылы кандидаттык диссертациясын коргоп, аталган университетте 1984-1986- жылдары докторантураны аяктаган. Ошондон бери Ош мамлекеттик университетинде окутуучу болуп иштеп келе жатат, прикладдык математика кафедрасынын доценти. Элүүдөн ашуун, илимий, илимий-усулдук эмгектердин автору.

Жубайы Акбаева Калбү мектепте окутуучу, Роза, Айбек, Айсалкын, Акыл аттуу уул–кыздары жана 2 небереси бар. Ош шаарында жашайт.

А. Барпиевдин адабий чыгырмачылык жолу 1990-жылдан башталып, ошол жылы «Советтик Кыргызстан» гезитине «Ысык- Көл - касиеттүү кыргыз көлүм», «Ош шаарым», «Ээ, адам, ойлогун бүгүн, эртең дагы» аттуу алгачкы ырлары жарыялаган. Ал 1989-1992 - жылдары өзү эмгектенген окуу жайдагы «Керме - Тоо» кайрыктары» аттуу адабий ийримди жетектеген. А. Барпиев Ош, Жалал-Абад мамлекеттик жана Оштогу Кыргыз - Өзбек университеттеринин, Ош жогорку колледжинин гимндеринин тексттеринин автору, анын алтымыштан ашуун ырларына обон чыгарылган.

Үзүрлүү эмгеги үчүн «Эмгек ардагери» медалы (1989) менен сыйланган жана ага « Кыргыз республикасынын Эл агартуусунун отличниги» (1990) наамы берилген.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ:

***Кыргыз тилинде***

«Махаббат - ырларым», ырлар. Ош, 1996,132 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

М. Эркебаев, «Махабат поэзиясы», « Ош жаңырыгы»,14.07.1999 ж.



## БЕКМИРЗАЕВ КУЛДАШБАЙ

(Колдош Мырза)
11.08.1941-ж. туулган.

Прозачы Колдошбай Бекмурзаев Кара-Суу районундагы Нариманов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу Нурдар кыштагында туулган. Нариманов атындагы орто мектепти бүтүргөн соң, Андижан мамлекеттик Университетинин филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун орто мектепте окутуучу болуп иштөөдөн баштаган.

К.Бекмурзаев 1973-1974-жылдарда облустук «Ленин йули» гезитинде адабий кызматкер болуп иштеген. Андан кийинки убактарда Ош мамлекеттик университетинде окутуучу болуп иштеп келе жатат. Жубайы Мырзакаримова Мукаддам – тигүүчү, Шукрия, Алишер, Хасият, Саида, Кибрие аттуу уул-кыздары, 6 небереси бар. Нурдар кыштагында жашайт.

Колдошбай Бекмурзаевдин адабий чыгармачылык жолу алтымышынчы жылдарда башталып, анын алгачкы «Ак-Буура — азиз дарыям» аттуу ыры 1960-жылдын 2-ноябрь айында «Ленин йули» гезитинде жарыяланган. Ошондон бери анын аңгемелери жана повесттери Өзбекстандын «Шарк юлдузи» журналында мезгил-мезгили менен жарык көрүп келе жатат.

К.Бекмурзаев 1996-жылы Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Өзбек тилинде*

«Чашма», аңгемелер. Ташкент, 1980 , 18 бет.
«Сехрли Садо», тарихый повесть. Ташкент, 1983 , 44 бет.
«Гавар», аңгемелер. Ташкент, 1986, 28 бет.
«Замон кунгираги», ырлар. Ташкент, 1990, 17 бет.
«Жахон сеники», аңгемелер. Ташкент, 1990, 48 бет.
«Вафо шеваси», ырлар. Ош, 1994, 52 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Р. Атаев. «Чашма тиник булса», «Узбекстан адабиети ва саньати» гезити, 1982.
А. Каттабеков. «Тарихый шакслар образи», Узбекстан адабиети ва саньати» гезити,1982.





## ЖАКЫПОВ АТАКУЛ

3.09.1953-ж. туулган.

Акын Атакул Жакыпов Лейлек районунун Исфана айылында туулган. Ал «Коргон» орто мектебин 1971-жылы аяктаган соң райондук «Алга» газетасында кабарчы болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Аскер кызматын өтөп келгенден кийин 1974-1978-жылдары «Алга» гезитинде бөлүм башчы, 1978-82-жылдары комсомолдун райкомунун инструктору, бөлүм башчысы, 1983-1984-жылдары райондук китеп сүйүүчүлөр коомунун жооптуу катчысы, райондук «Алга» гезитинин бөлүм башчысы болуп эмгектенген. 1985-жылдан бери К. Сабыров атындагы орто мектепте окутуучу болуп иштеп келе жатат.

1979-жылы Ош мамлекеттик пединститутунун филология факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Үй – бүлөлүү, 3 баласы бар, Лейлек районундагы Исфана айылында жашайт.

А. Жакыповдун адабий чыгармачылык жолу 1968-жылдары башталып, ушул жылы анын «Түнкү этюд» деген алгачкы ыры «Советтик Кыргызстан» гезитинде жарык көргөн. Ошондон баштап анын ырлары «Темир канат», «Учкун», «Перевал» сыяктуу альманахтарда жарыланып келген, көп ырлары орус, өзбек, тажик тилдерине которулган.

Педагогтук иштеги үзүрлүү эмгеги үчүн «Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнүн мыктысы» деген наамга (1990) татыктуу болгон.
1989-жылы жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Жашыл арал», ырлар. Бишкек, 1982, 28 бет.
«Ички кайрыктар», ырлар. Бишкек, 1986, 52 бет.
«Айдың кеч», ырлар. Баткен, 1999 , 128 бет.



## ЖАКЫПОВ МАМАТ

26.05.1923-ж. туулган.

Драматург Мамат Жакыпов Кара-Кулжа районуна караштуу - Сары-Булак айылынын Кыложун кыштагында туулган. Айылындагы мектепти бүтүрүп, 1942–жылы Алай (Гүлчө) районунун Гүлчө айылында жашап турган жеринен аскерге чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан жана аскерден 1946–жылы бошоп келген. Ушул эле жылы мурдагы Гүлчө районунун, кийин ирилешкен Алай районунун маданият бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган жана бул кызматта айрым үзгүлтүктөр менен 1993 – жылга чейин иштеген.

М. Жакыпов 1963-жылы Бүткүл союздук маданий-агартуу институтунун республикалык бөлүмүн сырттан окуп бүтүргөн. Азыр персоналдык пенсионер катары ардактуу эс алууда. Ырысбек, Жолдош, Асылбек, Жылдыз, Перизат, Гүлгакы, Айнура, аттуу уул-кыздары, 18 небереси бар. Гүлчө кыштагында жашайт.

Мамат Жакыповдун адабий чыгармачылык жолу 1954-жылдан башталып, ошол жылы Республиканын маданият Министрлигинин көркөм Кеңеши тарабынан «Тоолук кыз» аттуу драмасы кабыл алынган. Анын отуздан ашуун бир жана көп актылуу пьесалары, анын ичинде 14 көп актылуу пьесалары республикалык жана жергиликтүү театрларда бир нече жолудан коюлган.

М.Жакыповдун драмалары мезгилдүү журналдарда жарык көрүп келген жана айрымдары казак тилине которулган.

Коомго сиңирген үзүрлүү эмгеги үчүн Республиканын Грамоталары (1951, 1964 ), «Эмгек кызыл туу» ордени (1967 ) менен сыйланган жана «Кырыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер» деген наамга ( 1968 ) татыктуу болгон.

М. Жакыпов 1967-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Алтын жылдыздуу азаматтардын айылында», очерк. Бишкек, 1960, 24 бет.

«Өмүр белеги», драмалар. Бишкек, 1967, 88 бет.



«Драмалар», жыйнак. Бишкек, 1981, 120 бет.

«Тоодогу чыйырлар», драмалар. Бишкек, 1985, 192 бет.

«Үмүт», драмалар. Бишкек, 1988, 160 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

А. Сырымбетов, «Турмушка жакын жазуу», «Кыргыз Туусу» гезити, 1993.

Ж. Мавлянов, «Маданият майданында», «Кыргыз маданияты» гезити, 7.07.1993.

К. Укаев, «Алайлык режиссёр», «Жол чакырат» аттуу китеби, 1970.

К.Ташбаев, «Маданиятыбыздын белгилүү кишилери», «Ош жаңырыгы»,8.07.1993

У. Мамытов, «Белгилүү драматург», Алай райондук «Жибек жолу» гезити, 10.06.1993.

# ЖАНЫБЕКОВ МАМАТИБРАИМ

21.03.1963-ж. туулган.



Акын жана котормочу Маматибраим Жаныбеков Кара-Кулжа районундагы Күйөө-Таш айылында туулган.Айылындагы орто мектепти 1980-жылы бүтүргөн соң совхоздо бир жыл жумушчу болуп иштеп, анан аскерге чакырылган. 1984-1991-жылдары Ош шаарындагы ишканаларда жумушчу, шофёр болуп иштеп жүрүп, 1991-жылы Ош мамлекеттик litединститутунун филология факультетине кирип, аны ийгиликтүү аяктаган соң, 1993-1996-жылдары шаардагы Курманжан датка атындагы орто мектепте мугалим болуп иштеген.

1996-жылдан бери Кыргызстан эл аралык Университетинин Оштогу филиалында окутуучу болуп эмгектенүүдө. Ош шаарында жашайт.

М. Жаныбековдун адабий чыгармачылык жолу 1986-жылдан башталып, ошол жылы анын «Жаштык сага ой толгоо» аттуу ыры облустук «Ленин жолу» гезитинин 1986-жылдын 3-февралындагы санына жарыяланган. М. Жаныбеков башка элдердин жазуучуларынын чыгармаларын кыргыз тилине которуу менен да тынымсыз алектенип келет. Ал 1996-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Мекен, мезгил, апам жана мен», ырлар. Ош, 1994, 50 бет.

## КОТОРМОЛОРУ

Ал-Хорезми. «Махабат-наame», Бишкек, 1997, 112 бет.
Ахмет Яссави, «Хикметтер», Бишкек, 1997, 88 бет.
Бабур, «Рубаилер», Бишкек, 1996, 100 бет.





# ЖЕТИМИШОВ СУРАНЧЫ

25.02.1951-ж. туулган

Драматург Суранчы Жетимишов Алай районунун Кең-Жылга кыштагында туулган. 1968-жылы «Тогуз-Булак» орто мектебин бүткөндөн кийин алгачкы эмгек жолун райондук басмаканада арип терүүчүлүктөн баштаган. Андан соң облустук эл чыгармачылык үйүндө иштеп жүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун кыргыз филология факультетин 1979-жылы сырттан окуп бүтүргөн. «Кең-Жылга» орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп жүрүп, 1978-жылы Алай райондук Советинин аткаруу комитетинин инструкторлугуна которулган. Андан жалпы бөлүмдүн башчысы болуп иштеп жүрүп, 1987-жылы К. Султанов атындагы орто мектепке директорлугуна дайындалган. 1991-жылы райондук элге билим берүү бөлүмүндө усулчу болуп иштеп жүрүп, «Дил булак» гезитин уюштуруп, редактор болуп иштейт. 1994-жылы облустук эл чыгармачылык борборунда жетектөөчү адистик кызматта иштеген. 1997-жылы облустук укук коргоо органдарынын «Мыйзам» гезитин уюштуруп, редакторлук милдетин аткарат. 1999-жылдан облустук маданият башкармасынын жетектөөчү адиси болуп иштеп келүүдө.

Үй-бүлөлүү, жубайы Майрам үй кызматкери, Талант, Айбек, Мира аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашап турушат. Анын чыгармачылыгы жетимишинчи жылдары башталып, алгачкы «Бактысыз иш» аттуу драмасы Алай райондук маданият Үйүндө коюлган, «Белек» аттуу пьесасы облустук эл чыгармачылык борборунда кабыл алынган. 1998-жылы «Камчыбек» аттуу тарыхый драмасы Оштогу Бабур атындагы өзбек музыкалуу драма театрында, «Абдылдабектин көз жашы» тарыхый-драмасы Кара-Кулжа элдик театрында 1999-жылы коюлган. Ондон ашык драманын автору. Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун (1995) жана жазуучулар Союзунун (1999) мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Алгачкы карлыгач», Ош, 1996, 42 бет.
«Кыргыз каныкеси», тарыхый драма, Ош, 1999, 38 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Туратов Д., «Камчыбекке катуу таасирлендим», «Ош жаңырыгы», 28.10.1998.



## ЖОРОЕВ ТУРАБАЙ

7.03.1951-ж. туулган.

Акын Турабай Жороев Лейлек районундагы Бабыл айылында туулган. Кулундудагы орто мектепти аяктаган соң Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтун бүтүргөн. Эмгек жолун Лейлек райондук «Алга» гезитинде иштөө менен баштап, 1974-жылы Ош телерадиосуна кабарчы болуп которулган, андан кийин ага редакторлук кызматта иштеген. 1993-жылдан бери Кыргыз мамлекеттик телерадио корпорациясынын өз кабарчысы болуп эмгектенип, учурда «Ош 3000» мамлекеттик телерадиокомпаниясында иштеп жатат

Үй-бүлөлүү, жубайы Молдоканова Калбү Ош жогорку коллежинде окутуучу, Жылдыз, Айдай, Жаркын, Акжолтой аттуу уул-кыздары, бир небереси бар. Ош шаарында жашайт.

Т.Жороевдин адабий чыгармачылык жолу 1966-жылдан башталып, ошол жылы анын «Чыныгы достук» аттуу аңгемеси «Кыргызстан пионери» гезитине жарыяланган. Андан бери анын ырлары республикалык жана облустук гезиттерде мезгил- мезгили менен жарыяланып келе жатат.

Т. Жороев Түрк мусулман өлкөлөрүнүн акындарынын эл аралык сыйлыгын алууга (1994) татыктуу болгон.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Ыйман», ырлар. Бишкек, 1988, 54 бет.
«Аваз», ырлар. Бишкек, 1991, 32 бет.
«Дартикем жүрөк », ырлар. Бишкек, 1997, 170 бет.





## ЖУМАНОВА МАЙРАМКАН

8.10.1958-ж. туулган.

Акын Майрамкан Жуманова Кара-Суу районунун Төлөйкөн айылында туулган. Айылындагы Маяковский атындагы орто мектепти 1975-жылы бүтүрүп, Ош мамлекеттик désinstitututунун физика-математика факультетине кирген. Окууну аяктаган соң ошол эле институтка лаборант болуп ишке кирген. Андан кийин окутуучу, улук окутуучу болуп иштеген. Азыр Ош мамлекеттик университетинде окутуучу, ошол эле учурда аспирантурада сырттан окуйт. Ош шаарында жашайт.

М. Жумановинын адабий чыгармачылык жолу 1986-жылдан башталып, ошол жылы «Кыргызстан маданияты» гезитине «Тилек» аттуу ыры басылган.

Ал 1995-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Кадам», ырлар. Бишкек, 1989, 25 бет.
«Маанай», ырлар. Ош, 1997, 88 бет.

## ЖЭЭНБЕКОВ АБДЫЖАПАР

17.01.1943-ж. туулган.



Балдар жазуучусу Абдыжапар Жээнбеков Кара-Суу районунун Мөнөк айылында туулган. Айылындагы А. Эшматов атындагы орто мектепти 1959-жылы аяктап, 1965-жылы Ош мамлекеттик пединститутунун педагогика факультетин бүтүрүп, 1966-жылы Ош шаарындагы В.Терешкова атындагы мектеп-интернатта мугалимдик ишин баштаган.

1967-1969-жылдары Кара-Суу райондук «Эмгек майданы» гезитинде кабарчы,1970-1971-жылдары Кара-Суу райаткаруу комитетинде инструктор болуп иштеген. 1972-жылдан бери облустук «Ош жаңырыгы» (мурда «Ленин жолу») гезитинде кабарчы, бөлүм башчы болуп эмгектенүүдө. Үй-бүлөлүү, жубайы Жакшыбаева Тургунай медициналык кызматкер, Марат, Алмаз, Асан, Батма, Кызжибек аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашайт.

А. Жээнбековдун адабий чыгармачылык жолу 1964-жылдан башталып, ошол жылы «Жаздын келиши» аттуу алгачкы ыры облустук «Ленин жолу» гезитине жарыяланган. Кийинки жылдары анын чыгармалары «Учкун» альманахында, «Ала-Тоо» журналында жарыяланган. «Шор талаанын куюну», «Татынын таттуу чайы» телепостановкалары коюлуп фондуга алынган.

Анын журналисткадагы үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргызстан журналисттер Союзунун Ардак грамотасы менен (1996) сыйланган. 1972-жылдан журналисттер Союзунун, 1994-жылдан жазуучулар союзунун мүчөсү.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Тентек кирпи», балдар прозасы. Бишкек, 1981, 32 бет.
«Карыянын аңгемеси», балдар прозасы. Бишкек, 1986, 48 бет.
«Орошон курак», балдар прозасы. Бишкек, 1994, 64 бет.
«Кулдатканын куу башы», уламыштар, аңгемелер, телесценарийлер, повесть-эссе. Ош, 1998, 182 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

К. Бакиров. «Балдар дүйнөсүн изилдеп»... «Кыргызстан маданияты» гезити,5.04.1981.

Ж. Акимов. «Карыянын аңгемесин окуган соң», «Ленин жолу», гезити, 2.06.1987.

А. Султанов. «Жыйнактагы биздин турмуштун каармандары», «Ош жаңырыгы» гезити, 14.11.1998.

В. Мякиников, «Череп Кулдатка», и другие прохождение» «Эхо Оша» 27.11.1999.

К. Надирова, «Кайдыгер калтырбайт» «Ош жаңырыгы» 20.11. 1999.



## ЗАКИРОВА ТАЗАГҮЛ

26.06.1948-ж. туулган.

Акын Тазагүл Закирова Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Качкынчы айылында туулган. Ал «Кызыл пахтачы» орто мектебин бүтүргөндөн кийин 1967-жылы комсомолдун Сузак райкомуна ишке кирип, ошол жылдын март айынан райаткомго бөлүм башчылыкка шайланган. Андан кийин радио уктуруу боюнча редактор, Оштогу №-12- кесипчилик-техникалык окуу жайында, Ош облустук маданият башкармасында, шаардык китепканада эмгектенген. 1991-жылдан бери Аялдардын эл аралык маданий-өндүрүштүк «Насыят» ассоциясын жетектейт.

Тазагүл Закирова жашынан эле ар кандай коомдук иштерге астейдил аралашып келген. Улуттук тилдин статусу, Курманжан датканын юбилейлик маарекеси, «Манас-1000» сыяктуу коомдук иштерди уюштурууга активдүү катышкан. Ал кызы Азизадан тышкары бир туугандарынын ондон ашык балдарын багып чоңойткон. Ош шаарында жашайт.

Тазагүл Закированын адабий чыгармачылык жолу 1963-жылдан башталып, ошол жылы «Кыргызстан пионери» гезитине «Космоско учту» аттуу эң алгачкы ыры жарыяланган. Ошондон бери акындын ырлары республикалык, облустук, райондук гезиттерде жана журналдарда жарыяланып келе жатат, жыйырмадан ашуун коллективдүү жыйнактарда: алтай, түркмөн, казак, өзбек, грузин, орус жана түрк тилдеринде жарык көргөн. Акындын ондогон ырлары обонго салынган. Т. Закирова даректүү видеофильмдерди түзүү багытында да иштеп, «Кадамжай», «Анипанын сурмасы», «Уркуядан уланган жол», «Аялдын монологу» аттуу даректүү видеофильмдерди тарткан.

Тазагүл Закировага маданият тармагында, коомдук жана чыгармачылык иштерде үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн «Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген наам (1996) ыйгарылган. Ал 1991-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Ырлар». Бишкек, 1982, 52 бет.



«Купуя сезим», ырлар. Бишкек, 1986, 72 бет.
«Кусалык», обондуу ырлар. Ош, 1991, 6 бет.
«Боз торгойдун ыры», ырлар. Ош, 1993, 116 бет.
«Алиппе», эски араб-кыргыз алиппесинен сабактар. Бишкек, 1992, 72 бет.
«Чыгыш сыйкырлары», котормо, проза. Ош 1997, 60 бет.
«Ыйык шаарым», ырлар. Ош, 1999, 120 бет.

***Орус тилинде***

«Щедрая душа», стихи. Бишкек, 1990, 120 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

*Кыргыз тилинде*

К. Ботояров. «Учкун жыйнагын барактап», «Кыргызстан маданияты» гезити, 19.05.1977.

К. Ташбаев. «Чыгармачыл шибер үн», «Кыргызстан маданияты» гезити, 19. 03.1981.

М. Жангазиев. «Жаш акындардын чыгармачылыгы жөнүндө сөз», 3.10.1974.

С. Раев. «Ырлардын түшүп тамчысы», «Кыргызстан маданияты» гезити, 29.06.1982.

Т. Куттубаев. «Купуя сезимдер», «Ленин жолу» гезити, 22.08.1987.

А. Султанов. «Ырлар артынан ыр», «Ленин жолу» гезити, 20. 11.1990.

З. Пасанова. «Купуя сезимдин ээси», «Ленин жолу» гезити, 11.06. 1991.

У. Мамытов. «Торгой ырчы табиятка күү сунат», «Ош жаңырыгы», 30.07.1994.

А. Соорonбаев. «Махабат дастаны же, «Боз торгойдун ыры» жөнүндө», «Акыйкат жарчысы», 27. 04 1995.

З. Пасанова. «Боз торгой—талаа ырчысы, акын—жашоо ырчысы», «Билим булагы» гезити, 21.10. 1995.

Э. Осмонов. «Ишеним эргүүнү, шыкты жаратат», «Ош жаңырыгы» гезити, 25.06. 1996.

А. Султанов. «Жүрөк жылыткан, маанай жаркыткан ырлар», «Ош-3000» гезити, 31.10.1998.

У. Мамытов. «Ал баскан багыт», «Билим булагы» гезити, 21.11.1998.

А. Султанов. «Жетилүү», «Ош жаңырыгы», 29. 12. 1998.

*Орус тилинде*

В. Попов. «Живет в Сузаке поэтесса», «Сельское хозяйство» журналы. №-7, 1973.

М. Тарасова. «Дорогой дерзаний», «Литературная газета», 18.08.1981.

А. Урбаев. «Учкун» набирает высоту», «Ленинский путь» гезити, 15.10.1975.

А. Дегенбаева. «Писать о самом близком», «Ленинский путь» гезити, 15.01.1983.

А. Номаев. «От приблизительности к правде», «Советская Киргизия» гезити, 12.10. 1980.

А. Урбаев. «Второя книга поэтессы», «Ленинский путь» гезити, 22.05. 1986.

А. Урбаев. «За перевалом перевал», «Ленинский путь» гезити, 29.08.1990.

Г. Комаров. «Душевное слово дружбы», «Текстилщик» гезити, 14. 11 1990.

Л. Харитонова. «Щедрость души», «Вечерный Ош» гезити, 1. 11. 1997.

А. Пятибратова, «Надоели разговоры», «Эхо Оша» гезити, 11. 07. 1998.

А. Урбаев. «Поэзия радости и печали», «Эхо Оша» гезити, 20.10. 1998.



# ИМИНЖАНОВ МАМЫР

6.04.1939-ж. туулган.



Сатирик, жазуучу Мамыр Иминжанов Кара-Суу районунун Савай айыл өкмөтүнө караштуу Кыдырша айылында туулган. Айылындагы орто мектепти аяктаган соң Ош мамлекеттик召 пединститутуна кирип, аны 1964-жылы бүтүргөн. Андан кийин 1964-1966-жылдары мектепте мугалим, 1966-1972-жылдары Кара-Суу райондук «Эмгек майданы» гезитинде кызматкер, 1972-1980-жылдары облустук телерадио комитетинде башкы редактордун орун басары, 1980-1995-жылдары республикалык телерадио комитетинде жооптуу кызматкер болуп иштеген. 1995-жылдан бери «Ош 3000» телерадио корпорациясында иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү, жубайы Рахманова Шарапат бала бакчада тарбиячы, Тазагүл, Гүлназ, Акылай, Айжамал, Амангелди аттуу уулкыздары, 6 небереси бар. Ош шаарында жашайт.

М. Иминжановдун адабий чыгармачылык жолу 1965-жылдан башталып, ошол жылдын октябрь айындагы «Чалкан» журналына анын «Маңдайыма жазылганы» аттуу алгачкы сатиралык аңгемеси басылган. Ошондон бери республикалык гезит, журналдарда анын сатиралары жарыяланып, радиодон берилип келе жатат. Республиканын аймагына кеңири тараган «Ыр кесе» оюн-зоок программасын Мамыр Иминжанов жараткан.

Ал 1994 -жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Сага айтам», сатиралар. Бишкек, 1981, 72 бет.
«Чырпык», сатиралар жана повесттер. Бишкек, 1988, 75 бет.
«Өлгөн адамды күлдүргөн», сатиралар. Бишкек, 1998, 88 бет.
«Куйручуктун курдашы», сатиралар. Ош, 1999, 84 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

*Кыргыз тилинде*

Э. Тазабеков. «Күндөрдүн күлүктүгү», «Ленинчил жаш» гезити, 1989, № 39.

С. Раев. «Журналист кандай киши ?», «Фрунзе шамы» гезити, 1989, №40.

А. Иманбаев. «Жаңы жылдык каалоо», «Эфир» гезити, 1992, №52.

Т. Кенжеев. «Ыр кесенин» кесегүл», «Ош жаңырыгы», 1997, №67.

Ж. Рысбаев. «Тамашалашсаң так биздей бол» , «Күлкү» гезити, 1999, № 2.

*Орус тилинде*

А. Кенжеев. «Автор», «Ыр кесе», «Вечерний Ош» гезити, 1997, № 87.

У Мамытов. «Разящее слово Мамыра Иминжанова», «Эхо Оша» гезити, 1999, №22.



# ИРИСОВ ПАЙЗИЛДА

4.09.1940-ж. туулган.



Жазуучу Пайзилда Ирисов Ноокат районундагы Салиева айылында туулган. Айылындагы орто мектепти аяктаган соң, Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тили жана адабияты факультетине кирип, аны 1963-жылы бүтүрүп, Ош мамлекеттик techinstitутуна окутуучу болуп ишке кирген. Азыр Ош мамлекеттик университетинин кафедра башчысы, 1971-жылы филология илиминин кандидаттык диссертациясын жактаган.

Үй-бүлөлүү, жубайы Сажида эс алууда, Муктар, Аскар аттуу уулдары бар, Ош шаарында жашайт.

П.Ирисовдун адабий чыгармачылык жолу 1962-жылы башталып, ошол жылы жарыкка чыккан «Жашыл жалбырак» аттуу топтом жыйнакка анын «Капкара иттин көздөрү» аттуу аңгемеси киргизилген.

П. Ирисов 1998-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган жана Кыргызстан басма үйүнүн түштүктөгү улук редактордук милдетин да аткарып келе жатат.

П. Ирисов үзүрлүү эмгеги үчүн «Эл агартуунун мыктысы» төшбелгисине (1997) жана «Эмгек ардагери» медалына ( 1987 ) татыктуу болгон.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Эл оозеки чыгармачылыгынын балдарга арналган үлгүлөрү». Бишкек, 1973, 258 бет.

«Карачач-Көкүл» баяны, элдик эпикалык поэма. Бишкек, 1975, 270 бет.

## КАДЫРОВ САТЫБАЛДЫ
(15.08.1940 —26.11.1995-ж. ж.).



Сатирик акын Сатыбалды Кадыров Өзгөн районунун Заргер айыл өкмөтүндөгү Ничке-Сай кыштагында туулган. Орто мектепти 1959-жылы бүтүрүп, Жалал-Абаддагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына кирип, аны 1961-жылы аяктаган. Эмгек жолун Аксы (мурдагы Жаңы-Жол) районундагы Ленин атындагы орто мектептин башталгыч классында мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылы Өзгөн районундагы «Совет» орто мектебине мугалим болуп которулган, андан кийин ушул эле райондун «Октябрь Туусу» гезитинде адабий кызматкер, Ош облустук телерадиокомитетинде редактор, Ош мамлекеттик пединститутунда окутуучу болуп иштеген. Ал 1970-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук Университетинин филология факультетин сырттан окуп бүтүргөн. 1985-жылдан тартып Кырызстан ЖСнын Ош облустук бөлүмүндө адабий кеңешчи, Ош мамлекеттик университетинде окутуучу болуп иштеген.

Анын Айнура , Айбек аттуу уул, кызы бар, жубайы Айсулуу. Ошто жашашат.

С. Кадыровдун адабий чыгармачылык жолу 1970-жылдардан башталып, анын сатиралары республикалык, облустук гезит, журналдарда жарыяланып турган. «Тикенек» аттуу алгачкы сатиралар жыйнагы 1979-жылы Бишкек шаарында жарык көргөн.

С. Кадыров жаш акындардын республикалык фестивалынын (1977) лауреаты болгон жана 1985-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган .

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ
***Кыргыз тилинде***

«Тикенек», сатиралар. Бишкек, 1979, 32 бет.
«Щляпа», сатиралар. Бишкек, 1982, 48 бет.
«Сарымсак саптары», сатиралар. Бишкек, 1986, 92 бет.
«Кайчы», атка минерлерге азил. Ош, 1994, 28 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

К. Ботояров, Р. Момунбаева, А. Макеева, «Писатели Советского Киргизстана», Бишкек, 1989, 284 бет.



## КАМАЛОВ АБДИМИТАЛ
4.05.1940-ж. туулган.



Жазуучу жана сынчы Абдимитал Камалов Ноокат районунун Кожоке кыштагында туулган. 1959-жылы андагы Ломоносов атындагы орто мектепти бүтүрүп, Фрунзедеги Кыргызстан мамлекеттик университетинин филология факультетине кирген. Аны 1964-жылы аяктагандан кийин Араван районундагы Андреев атындагы сегиз жылдык мектепте кыргыз тили, адабияты мугалими, кийинчерээк директордун окуу-тарбиялык иштери боюнча орун басары болуп эмгектенген. 1965-жылдан Ноокат райондук «Колхозчу» газетасында, ал эми 1966-жылдан облустук «Ленин жолу» газетасында адабий кызматкер болуп иштеген.

Абдимитал Камалов гезитте иштеп жүргөндө «Ящиктеги жүгүм» аңгемеси үчүн («Ленин жолуна», «Кыргызстан маданиятына» жарыяланган) куугунтукталып, натыйжада 1973-жылдан Ош облустук телерадио комитетинде иштөөгө которулган. Мында ал радио боюнча кабарчы, ага редактор, андан соң теле боюнча редактор, ага редактор, 1991-жылдын сентябрь айынан 1992-жылдын январь айына чейин телерадио комитетинин башкы редакторунун милдетин аткаруучу болуп эмгектенген.

Учурда облустук телерадио компаниясында «Ак-Буура» адабий драмалык көңүл ачуучу борборунун продюссери. 1999-жылдын 8-июлунан Жазуучулар Союзунун облустук бөлүмүнүн башчысынын орун басарлык милдетин аткарат. Ал жети прозалык китептин автору. Жубайы Самар менен Зыягүл, Зирегүл, Аида, Асида, Жаңыл, Уулжан, Дарманбек, Медетбек деген алты кыз, эки уулдун ата-энелери. Ош шаарында жашайт.

А. Камаловдун адабий чыгармачылык жолу 1958-жылдан башталып, анын биринчи «Ата Ленин» деген ыры Ноокат райондук «Колхозчу» гезитине чыккан. Андан соң 1961-жылы «Ленинчил жаш» гезитине «Адам болгум келет» деген рецензиясы жарыяланган. Ал сын жазуу менен поэзия, проза жанрларында да калемин курчутуп турду. Авторго прозада ийгилик алып келген алгачкы «Алапар» аңгемеси, түпгүч жыйнагынын атын алып жүргөн «Дарман» 1966-жылдары жарыланып, биринчи аңгемелер жыйнагы «Дарман» (1972) деген ат менен окурмандардын колуна тийген.

Абдимитал Камалов сын тамашында да өзүнүн калемин сынап, көптөгөн сын-пикирлер, рецензияларды жазды. Анын сыны ойдун таамайлыгы, жүзүнө карабай кесе айтуусу, тилинин курчтугу жана эң башкысы реалдуулугу менен айырмаланат. Рецензияларынан «Жылдыздуу жаштыктын акыны», «Жаштардын жаңы ырлары», «Туңгуч трилогия жөнүндө сөз», «Жашоого кумар кылган ырлар», «Изгиликти аздектегендер» деген рецензиялары убагында коомчулуктун көңүлүн бурган.

1993-жылы республикалык «Мамытов» атындагы коомдук фондунун сыйлыгынын ээси, 1996-жылы Президенттик стипендиант болуп, «Эл агартуунун мыктысы» деген наам алган (1994). А.Камалов 1981-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Дарман», аңгемелер. Бишкек, 1972, 106 бет.
«Бакыт сереси», даректүү баян. Бишкек, 1979, 108 бет
«Азиреттин көздөрү», аңгемелер, Бишкек, 1979, 202 бет.
«Көңүл» аңгемелер, повесть. Бишкек, 1980, 250 бет.
«Бешик ыры», повесть. Бишкек, 1987, 300 бет .
«Ортолуктагы өмүр», повесттер. Бишкек, 1991, 370 бет.
«Баскан жолду арбытат…» очерктер жыйнагы. Бишкек, 1983, 216 бет.
«Таңдайга атылган ок», повесттер. Ош, 1995, 124 бет.
«Санжыралуу Ноокат», даректүү баян. Ош, 1998, 118 бет.
«Алапар, Ала музоо жана Дакин», балдар үчүн. Жалал-Абад, 1999, 88 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

А.Пазылов. «Жаш прозаиктердин аңгемелери», «Кыргызстан маданияты»,17.06.1973.
А. Абдрашидов. «Вторая встреча с учкуном», «Ленинский путь», 11.04.1973.
А. Абдрашидов. «Автордун дарманы», «Ленинчил жаш», 22.09.1973.
Э. Тиллебаев. «Азреттин көздөрү», «Ленин жолу», 19.07. 1979.
Э.Тиллебаев. «Бала ыры — бакыт ыры», «Ленин жолу», 19.07.1987.
Ж. Жанузаков. «Соолуган сүйүү баяны», «Кыргызстан маданияты», 18.08. 1988.
Т. Сыдыкбеков. «Жабыкта калган төрт кат», «Ала- Тоо», № 5, 1989.
К. Ботояров, Р. Момунбаева., А. Макеева. «Писатели Советского Киргизстана», Справочник, 1989, 289 бет.
К. Ташбаев. «Мезгил менен үндөшүп», «Ленин жолу», 04.05. 1990.
А. Маннанов. «Бийиктикке карай», «Ленин йули», 04. 05. 1990.
Ү. Камбаров. «Аракеттин акыбети», Ноокат райондук «Колхозчу» гезити, 13.10. 1991.
Д. Туратов. «Аруулукка киндиктеш», «Ленин жолу», 17.02. 1996.





## КАРИМОВ АХАДЖАН

15.08.1937-ж. туулган.

Акын Ахаджан Каримов Араван районунун Араван кыштагында туулган. Орто мектепти 1954-жылы аяктап, ошол эле жылы Оштогу педагогикалык институттун физика-математика факультетине тапшырган. Аны 1959- жылы бүткөндөн кийин, Макаренко атындагы орто метепте окутуучу болуп иштей баштаган. Андан соң ошол эле жерде Навои мектебинде илимий бөлүмдүн окутуучусу, партиянын Араван райондук комитетинин инструктору болуп иштеген. 1969-жылы «Бирлик» колхозунда башкарма, 1974-1997-жылдары Бабур атындагы , Абдуллаев атындагы мектептерде директор болуп эмгектенген. Жубайы Каримова Химматжан экөөнүн Элмира, Гүлмира, Гүлнора, Умида, Гулчехра, Жахонгир, Наврузбек, Жавохир аттуу уул-кыздары жана 9 небереси бар.

Ахаджан Каримов Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (1973), «Эмгектеги артыкчылыгы» ( 1958 ) «Эмгек ардагери» ( 1989 ) медалдары, эки жолу Өзбек Республикасынын Жогорку Кеңешинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган. Ал ошондой эле 1994-жылы Кыргыз Республикасынын «Эл агартуусунун мыктысы» деген наам алган.

Анын чыгармачылыгы алтымышынчы жылдардан башталып, биринчи ырлар жыйнагы 1986-жылы Ташкент шаарындагы «Жаш гвардия» басмасынан жарык көргөн. Андан бери да анын бир нече китептери чыкты. Ал 1996-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Өзбек тилинде***

«Шабнамдаги нур», ырлар. Ташкент, 1993, 66 бет.
«Мангу хаёл», ырлар. Ташкент, 1993, 176 бет.
«Ох, санам», ырлар. Фергана, 1996, 74 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

М. Баборахимов. «Хаңтнинг мангу жаранглари», «Уш саодаси», 4.07. 1995.
Кулдош Мирзо. «Истак», «Уш саодаси», 12.10. 1996.
Кулдош Мирзо. «Истак», Араван райондук «Дустик» гезити, 21.10. 1996.

# КАРИМОВ ЖЭЭНБЕК

31.01.1945-ж. туулган.



Публицист жана сатирик жазуучу Жээнбек Каримов Алай районунун Гүлчө кыштагында туулган. Ал окууну Алай районунун Каблан-Көл кыштагындагы «ХУШ-партсъезд» жети жылдык мектебинен баштап, кийин ушул эле райондун Будалык кыштагындагы «Октябрь» жети жылдык мектебине которулган. Андан соң райондун борбору Гүлчө кыштагындагы Макаренко атындагы орто мектепте окууну улантып, аны 1963-жылы бүтүргөн. 1964-1966-жылдары Казакстандын Жамбул (азыркы Тараз) шаарындагы эсеп-кысап техникумунда окуп, статистика кесибине ээ болгон да, 1966-жылдан 1975-жылга дейре Алай райондук статистика башкармасынын ар түрдүү кызматтарында эмгектенген. Анын ичинде 1970-1975-жылдары ушул башкармалыктын начальниги болгон.

1975-1979-жылдары ушул эле райондогу Ленин атындагы совхоздо, 1980-1981-жылдары Алай ПМКсында, 1981-1984-жылдары Алай райондук «Живпром» бирикмесинде баш бухгалтер болуп иштеген, 1984-жылдын апрелинен жаңы уюшулган Ош облустук «Живпром» башкармасына бөлүм башчы болуп которулган. Ал эми 1986-жылы Ош облустук агропром комитети уюшулганда анын контролдук-текшерүү бөлүмүнүн начальниктигине дайындалган. 1994-жылы түштүктө эң алгач аудитордук «Ош-Эсеп» фирмасын уюштуруп, анын директору болуп иштеп келе жатат.

Кыргыз Республикасынын улуттук университетинде сырттан окуу менен 1973-жылы анын экономикалык факультетин бүтүрүп, бухгалтердик кесип алса, 1997-жылы юридикалык факультетин аяктап, юристтик кесипке ээ болгон. Жубайы Шарипакан да эсепчи, Ош облустук пенсия төлөө борборунун начальнигинин орун басары болуп эмгектенет. Тилек, Жыпаргүл, Аида, Роза аттуу уулкыздары жана беш небереси бар. Ош шаарында жашап турат.

Эсеп-кысап тармагындагы көп жылдык үзүрлүү кызматы үчүн «Эмгектин ардагери» медалы (1988) жана Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (1995) менен сыйланган.

Ж. Каримовдун адабий чыгармачылык жолу 1967-жылдан башталган. Анын «Желдеңбай» аттуу алгачкы сатиралык аңгемеси 1967-жылдын 23-мартында Алай райондук «Кужүрмөн эмгек» гезитине жарыяланган. Ошондон бери Ж. Каримовдун сатиралары республикалык, облустук райондук гезит-журналдарда тынымсыз



жарыяланып келе жатат. Ал журналистика багытында да талыкпай эмгектенет. Республикалык жана облустук гезиттерде анын экономикалык өнүгүүнүн проблемаларын иликтеген ондогон макалалары жарык көргөн. 1991-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Коомдук башталышта 1994-жылдан Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун Оштогу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, ал эми 1999-жылдын 11-мартынан Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун Ош областтык бөлүмүнүн төрагасы болуп иштеп келе жатат. Ж. Каримовдун «Бекмамат Осмонов» аттуу китеби Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзу тарабынан 1998-жылдын «Эң мыкты китеби» деп табылган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Чоконун жоруктары», сатира. Бишкек, 1991, 64 бет.
«Кызганчаак эркек», сатира. Бишкек, 1993, 102 бет.
«Бооз имиш тообо», сатира. Ош, 1996, 96 бет.
«Бекмамат Осмонов», көркөм баян. Бишкек, 1998, 288 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Нурдинов А. «Чоконун жоруктары» (жаңы китепке пикир), «Ош жаңырыгы», 23.05.1992.

Тиллебаев Э. «Изденүүдөн жаралган табылгалар», «Ош жаңырыгы», 19.03.1996.

Абдирашитов Б. «Күлкү артындагы күйдүргү», «Заман Кыргызстан» гезити, 19.04.1998.

Туратов Д. «Түйшүкчүл ишмер эле», «Ош жаңырыгы», 8.12.1998.

Туратов Д. «Жолборс жолунан кайтпайт», «Заман Кыргызстан» гезити, 2.02. 1999.

Туратов Д. «Бекмамат Осмонов тууралуу баян», «Республика» гезити, 29.12.1998.

Туратов Д. «Бекмамат Осмонов жөнүндө учкай сөз», Жалал-Абад облустук «Акыйкат жарчысы» гезити, 16.02 1998.

С. Жусуев, С. Эралиев «Бекмамат», Жалал-Абаддын «Жаштык жарчысы» гезити, 28.05. 1999.

А. Муратов, «Бекмамат кетти, сөз калды», «Асаба» гезити, 4.06.1999.

С. Жусуев, «Эл уулуна татыктуу эстелик», «Эркин Тоо» гезити, 10.09.1999.

А. Урбаев, «О Бекмамате Османове», «Эхо Оша», 15.09. 1999.

## КАРИМОВ РАХИМ

6.07.1960-ж. туулган.



Акын, прозаик,киносценарист Рахим Каримов (Рахим Карим) Ош шаарында туулган. 1975-жылы Нариманов атындагы сегиз жылдык мектепти, 1977-жылы Октябрдын 50 жылдыгы атындагы орто мектепти аяктагандан кийин 1978-жылдан 1981-жылга чейин азыркы «Текстильщик» МАКсында (мурдагы Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтадан кездеме токуу комбинаты) слесарлыктан баштап, көркөм жабдуучу болуп иштеген. Москвадагы М. Горький атындагы Адабият институтуна тапшырып, аны 1986-жылы бүтүрүп келген. Андан кийин «Голос текстильщика» гезитинин редактору, Ош шаардык «Вечерний Ош» гезитинин редакторунун орун басары, республикалык «Халк сузи» гезитинин кабарчысы, Ош басмаканасынын «Ак-Буура» гезитинин башкы редактору болуп иштеп жүргөн. Учурда ал «Ош» альманахында жооптуу катчы болуп эмгектенет.

Келинчеги Каримова Нафиса экөө Шахбоз жана Комронбек деген эки уулду тарбиялап, Ош шаарында жашашат.

Рахим Каримовдун чыгармачылыгы эрте башталып, «Голос текстильщика» көп тираждуу газетасында «Мелодия дружбы» деген ыры орус тилинде, кийинчерээк «Бадам» аттуу ыры «Ленин йўли» газетасында жарык көргөн. Андан кийин бир нече китептери чыкты. Р. Каримов 1996-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Өзбек тилинде***

«Камалак», ырлар. Ош, 1988, 22 бет.
«Биллур жилғалар», ырлар. Ташкент, 1984, 20 бет.
«Рангли рўё», ырлар. Ош, 1989, 60 бет.
«Бешинчи фарз», ырлар. Ташкент, 1994, 52 бет.
«Комила», роман. Ош , 1999, 364 бет.
«Ҳайвонот боғи», жомоктор. Ош, 8 бет.



## КЕНЖЕЕВ ТОКТОГУЛ

20.03.1936-ж. туулган



Публицист жана акын Токтогул Кенжеев Кара-Кулжа районундагы Алайкуу айыл Кеңешинин Кан-Коргон кыштагында туулган. 1953-жылы орто мектепти бүткөндөн кийин райондук «Коммунизм үчүн» гезитинде иштеген. 1958-жылы Жалал-Абад зооветехникумун аяктаган. 1959-1964-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүндө окуган. Андан кийин төрт жыл бою Кара-Кулжа (мурдагы Совет) районундагы «Кайың-Талаа» орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1968-жылдан облустук «Ленин жолу» (азыркы «Ош жаңырыгы») гезитинде адабий кызматкер, бөлүм башчы, ал эми 1976-1996-жылдары облустук телерадио комитетинде башкы редактор болгон. Учурда персоналдык пенсионер катары эс алууда болуу менен шаардык «Вечерный Ош» гезитинде эмгектенет.

Жубайы Насырова Хасият үй кызматкери, Асилбек, Муратбек, Гүлбара, Айбек аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында турушат.

Кенжеев Токтогул «Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер» деген наам алган ( 1987 ) жана Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган (1972 ).

Анын чыгармачылыгы 1951-жылдан башталып, көптөгөн ыр, аңгемелери республикалык «Жаш ленинчи», «Ала-Тоо» журналдарында, «Кыргызстан маданияты» жана облустук гезиттерде жарык көрүп келе жатат. Т. Кенжеевдин биринчи «Кошуна кыз», «Дегенсиң го», «Туулган жер» деген ырлары 1957-жылы «Ала-Тоо» журналына жарыяланган.

Ал Кыргыз Республикасынын журналисттер, 1996-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү .

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Баатырдын бийик жылдызы» очерк. Бишкек, 1973, 40 бет.
«Эмгек тартиби — ийгиликтин өбөлгөсү», публицистикалык очерк. Бишкек, 1981, 66 бет.
«Ариет жол», ырлар, аңгеме, публицистика . Ош 1996, 74 бет.

# КУЛИЕВ САБЫРАЛЫ

5.05.1938-ж. туулган.



Акын Сабыралы Кулиев Кара-Суу районундагы Кыргыз-Чек айылында туулган. Мады айылындагы орто мектепти 1956-жылы аяктаган соң Фрунзе атындагы колхоздо комсомол комитетинин секретары болуп иштеп туруп, 1958-жылдан облустук «Ленин жолу» гезитине адабий кызматкер болуп которулган. Андан кийин 1964-жылдын сентябрь айынан Ташкенттеги жогорку партиялык мектепке кирип, аны 1968-жылы бүтүрүп келген. Кайрадан «Ленин жолу» гезитинде жоопту катчы, 1970-жылдан Ош облустук телерадиокомитетинде башкы редактордун орун басары, башкы редактор, 1974-1977-жылдарда республикалык «Советтик Кыргызстан» гезитинде кабарчы болуп иштеп жүргөн. 1977-жылдан 1991-жылга чейин республикалык телерадио комитетинин Ош облустук кабарчылар пунктун жетектеп, 1994-жылдан бери эл аралык «Заман Кыргызстан» гезитинин Оштогу кабарчысы болуп иштейт.

Жубайы Торобаева Майрам үй кызматында, Базарбай, Эртабылды, Гүлбара, Аида аттуу уул-кыздары, 8 небереси бар. Ош шаарында жашап турат.

Кулиев Сабыралынын адабий чыгармачылык жолу 1956-жылдан башталып, ошол жылы анын «Жаз жөнүндө ыр» аттуу тунгуч ыры облустук «Ленин жолу» гезитине жарыяланган. Андан кийин ырлары облустук, республикалык гезиттерде, журналдарда кез-кези менен басылып келе жатат. С. Кулиев 1996-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Ош жөнүндө ода» ыр, поэмалар. Ош, 1999, 44 бет.



# КУЛТЕГИН КОЖОГЕЛДИ

18.02.1960-ж. туулган.



Акын Кожогелди Култегин Кара-Кулжа районундагы Алайкуу айылында туулган. Айылдан онунчуну бүтүргөн соң эмгек жолун 1977-жылы Оштогу «Текстилщик» (мурдагы «Октябрдын 50 жылдыгы») атындагы пахтадан кездеме токуу комбинаты — мамлекеттик акционердик коомунда жумушчу болуудан баштаган. 1983-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналисттика бөлүмүн, 1993-жылы Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтунун 2 жылдык жогорку адабий курсун бүтүргөн. «Кыргызстан», «Адабият» басмаларында Кыргызстан жазуучулар Союзунда,«Руханият» эл аралык ассоциациясында, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн аппаратында, өкмөттүк «Эркин Тоо» гезитинде иштеп келди. Учурда «Азаттык» эл аралык радиосунда Ош облусу боюнча өкүл, Ош облустук мамлекеттик администрациянын губернаторунун кеңешчиси.

Кожогелдинин өмүрлүк жубайы Турганбаева Жибек Ош шаарындагы «Өнөржайкурулуш» банкынын кызматкери, Кээрманбек, Кайнарбек, Айданек аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында турушат.

Кожогелди Култегин поэзия дүйнөсүнө эртелеп аралашып, «Сабакта» аттуу этюду 1976-жылы «Кыргызстан пионери» гезитине жарыяланган. 1986-жылы чыгармачыл жаштардын республикалык 3-жыйналышынын лауреаты болгон. 1989-жылы Бүткүл союздук жаш акын жазуучулардын Москвадагы V семинар кеңешмесине катышып, ошол семинар-кеңешменин сунушунан кийин 1989-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. Кожогелди Култегин 1995-жылы «Дарбаза жолго ачылат» аттуу ыр жыйнагы үчүн Кыргызстан жазуучулар Союзунун Алыкул Осмонов атындагы сыйлыгын алууга татыктуу болгон.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Жол чырак», ырлар. Бишкек, 1985, 40 бет.

«Шамалдагы үн», ырлар. Бишкек, 1989, 60 бет.

«Дарбаза жолго ачылат», ырлар. Бишкек, 1993, 80 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

С. Шатманов. «Тунгуч жыйнакка тушоо кесүү», «Мугалимдер газетасы»,14.05.1986.

Ч. Турсунбеков. «Даанышмандын жаңгагы», «Кыргызстан маданияты»,30.10. 1986.

К. Бакиров. «Доор канатындагы үн», «Фрунзе шамы», 10.10. 1990.

А. Какеев. «Рухтун айданектери же Кожогелдинин ырларынан алган таасирлер», «Кыргыз туусу», 26.09. 1995.

А. Өмүрканов. «Арыгың таза болсун», «Кыргыз туусу», 10.02. 1989.





## КУРАШЕВ ЖУРАБАЙ

1.03.1935-ж. туулган

Акын Журабай Курашев Жалал-Абад шаарында туулган. 1949-жылы Сузак кыштагындагы Киров атындагы мектепке кирип, онунчуну 1953-жылы бүтүрөрү менен мектепке мугалим болуп иштеп калган. Андан 1954-1959-жылдары Андижан шаарындагы педагогикалык институтта окуган. 1959-жылдан Киров атындагы, 1961-жылдан мектепте мугалим, 1961-1964-жылдары окуу иштери боюнча башчы жана директор болуп иштеген. 1970-жылдан облустук «Ленин йули» гезитинде кабарчы болуп иштеп жүргөн. Андан кийин Сузак районундагы Бабур атындагы мектепте мугалим болуп жүрүп 1995-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Жубайы Курашева Тажикан үй-кызматында, Надира, Айбек, Насиба, Илхом,-Бахрам, Наариса, Икрам аттуу уул-кыздары бар. Сузак районунун Ырыс айылында жашап турат.

Педагогикалык үзүрлүү иштери үчүн 1970-жылы «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

Анын чыгармачылыгы 1978-жылдары башталып, ушул жылы биринчи жолу «Кыргызстан акыйкаты» аттуу республикалык гезитке «Жаз» деген ыры чыккан. Андан кийин кыргыз жана өзбек республикаларынын гезит, журнал, альманахтарында анын ырлары, балдар үчүн жазылган түрдүү жанрдагы чыгармалары тынымсыз жарыяланып келе жатат. Ж. Курашев 1999-жылы Жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Өзбек тилинде*

«Биз тынчтыктын балдары», Ташкент, 1985, 46-бет

«Өмүр жолдору» ырлар, Ташкент 1991, 80-бет

«Акылдуу айнек» ырлар, Ташкент, 1991, 42-бет

«Элге арналган өмүр» очерк Жалал-Абад, 1995, 64-бет

«Бала мээрими» ырлар, Жалал-Абад, 1994, 44-бет

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

С. Акбарий. «Таланттуу педагог», «Окутуучулар гезити» 12.02.1970

Э. Мукаддам «Өмүр жолдору жөнүндө», «Жазуучу» басылмасы, № 2. 1990

С. Акбаров «Журабай Курашевдин жаңы китеби», «Жазуучу» басылмасы, № 11. 1990.

Р. Халкужаева «Таазим», «Жалал-Абад таңы» 12.07.1992

Х. Юсупов «Өмүр жолдору», «Уш саодаси». 7.04.1991.

## КУТТУБАЕВ ТЕМИРБЕК

25.09.1947-ж. туулган.



Жазуучу Темирбек Куттубаев Кара-Суу районундагы Ак-Жар айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин колхоздо бригаданын эсепчиси, комсомол-жаштар бригадасынын катчысы болуп иштеп жүрүп, 1966-жылы советтик армиянын катарына чакырылган. Аскерден келип өндүрүштө иштөөнү уланткан. 1970-1972- жылдары райондук байланыш бөлүмүндө ага оператор, кассирлик кызматында иштеген.

1972-жылы Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтуна окууга өтүп, бирок ден-соолугуна байланыштуу институтту таштоого аргасыз болгон. Андан кийин Оштогу педагогикалык институтунун орус тили жана адабияты факультетине кирип, ооруга байланыштуу аны да бүтө алган эмес.

1973-жылдан облустук «Ленин жолу», Кара-Суу райондук «Эмгек майданы» гезиттеринде кабарчы, бөлүм башчы, обл. ЛИТТЕ редактор, 1984-1989-жылдары Кара-Суу районундагы Киров атындагы колхоздо граждандык коргонуу боюнча штабдын начальниги, андан соң 1992-1995- жылдары Ош шаардык «Ош шамы» гезитинин башкы редакторунун орун басары болуп иштеген. Учурда Кара-Суу райондук «Эмгек майданы» гезитинин бөлүм башчысы болуп эмгектенүүдө.

Жубайы Максутова Абыда үй кызматында, Чынара, Венера, Жанарбек, Жыргалбек аттуу уул-кыздары бар. Кара-Суу шаарында жашап турушат.

Т. Куттубаевдин адабий чыгармачылык жолу 1968-жылдан башталып, анын «Менин эжекем» деген алгачкы аңгемеси ошол жылы «Кыргызстан айлдары» журналына жарыяланган. Андан бери аңгемелери облустук, республикалык газета- журналдарда жана атайын альманахтарда жарык көрүп келе жатат. Темирбек Куттубаев 1975-жылы Кырыз Республикасынын Грамотасы менен



сыйланган. 1977-жылдан Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун, 1997-жылдан жазуучулар Союзунун мүчөсү..

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Каркыралар», аңгеме. ( «Жаш жазуучулардын аңгемелери» топтомунда) Бишкек, 1975, 49 бет.

«Мухит тамчыдан жаралат», даректүү баян. Ош, 1997, 110 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

К. Каимов. «Жаштардын чыгармачылыгы». «Кыргызстан маданияты», 4.02.1972.

К. Каимов. «Чыгармачыл жаштарга камкордук». «Кыргызстан маданияты», 14.02. 1977.

Ү. Касымбеков. «Көп түрдүүлүктүн биримдиги». Бишкек, 1980, 45-48- беттер.

А. Бекибаев. «Карышкырдай каармандар». «Ош шамы», 22.05. 1993.

К. Байжигитов. «Турмуш жана мүнөз». Бишкек, 1982, 93-95- беттер.

А. Абдувапов. «Карышкырлар жөн улубайт». «Ош шамы», 05.06. 1993.

Т.Арапов. «Адамзатты жакшылыкка чакырат», «Ош шамы», 26.06. 1993.

# МАЛАЕВ АБЫЛКАСЫМ



10.06.1939-ж. туулган.

Акын Абылкасым Малаев Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Кызыл-Туу айылдык Кеңешине караштуу Кызыл-Сеңир айылында туулган. 1946-жылы «Кызыл-Туу» жети жылдык мектебинин биринчи классынан билим ала баштайт. 1956-жылы Крупская атындагы орто мектепти бүтүрүп, иштөө менен райондук гезитке кабар жазып жүрөт. 1957-жылы Сузак райондук гезитинин, 1958-жылы Жалал-Абад облустук гезитинин корректору, ошол эле жылы күзүндө көп тираждуу «Колхоз чындыгы» гезитинин редактору болуу менен журналисттик кесипти аркалаган. 1970-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн.

1965-1977-жылдарда Сузак райондук «Пахтачы» гезитинин жооптуу катчысы, 1977-1981-жылдарда Алай райондук «Кужүрмөн эмгек» гезитинин редактору болгон, 1981-жылдан бери Араван райондук «Достук» гезитинин редактору болуп иштеп келе жатат.

Жубайы Малаева Зымырат пенсияда, Жыпаркан, Сүйүнбай, Алмазбек, Тынаркан, Уларкан, Сапаргүл, Алайбек аттуу уул-кыздары бар. Араван кыштагында жашашат.

А. Малаевдин үзүрлүү эмгеги бааланып, ал «Эмгектеги каармандыгы үчүн» (1970 ), «Эмгек ардагери» (1985) медалдары, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (1985) менен сыйланган. Ошондой эле ал «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген журналисти» деген наам алган ( 1988 ).

Анын чыгармачылыгы мектеп жашынан башталып, 1959-жылы «Сугатчы» деген алгачкы ыры облустук «Ленин жолу» гезитине басылган жана «150 миң тонна пахта үчүн» деген альманахка киргизилген. Андан кийин анын чыгармалары облустук, республикалык гез иттерде, альманахтарда жарыяланып келет. Өз алдынча ыр китептери да жарык көргөн. А. Малаев 1996-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Ыйман сабагы» , ырлар, чөнтөк кетепче. Ош, 1995, 38 бет.

«Ыйман чакырыгы», ырлар. Ош, 1998. 72 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Э. Тиллебаев. «Ыйман чакырыгы ыйманга чакырат», Араван райондук «Достук» гезити, 16.08. 1998.



# МАМЫТОВ УЛУКБЕК



3.05.1947-ж. туулган.

Акын Улукбек Мамытов Алай районундагы Сопу-Коргон кыштагында туулган. «Күн-Элек» мектебинде 7-класска чейин билим алып, 11-классты Сопу-Коргон кыштагындагы Токтогул атындагы орто мектептен аяктаган. «Алай» совхозунда жумушчу болуп иштеп, 1968-жылы Фрунзе шаарындагы № 3 –техникалык окуу жайынын линотиписттик адистигине тапшырган.

Армиядан келгенден кийин конкурс менен Ош облустук телерадио уктуруу комитетинин радио уктуруу бөлүмүнө дикторлук кызматка алынып, 1984-жылга чейин иштеген. Оштогу мамлекеттик педагогикалык институттун кыргыз тили жана адабият факультетин 1977-жылы сырттан окуп бүтүргөн. 1984-жылдан Оштогу ОНМЦда, Фрунзе шаарындагы «Полиграфкомбинатында», 1985-жылдан Алай районундагы «Көлдүк» айылдык маданият Үйүнүн директору, мектептерде мугалим, 1987-жылдан 1989-жылга чейин Алай райондук сергектик коомунун жооптуу катчысы, райондук радио уктуруунун редактору жана диктору болуп иштеген. 1993-жылдан кайра Ош шаарына келип, Ош шаардык «Ош шамы» гезитинин кабарчысы, 1998-жылдан «Ош-3000» мамлекеттик телерадио компаниясынын диктору жана кабарчысы болуп иштеп келе жатат.

1997-жылдан Кыргызстан эркин жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүнүн жооптуу катчысы, 1999-жылдын май айынан Кыргызстан жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүнүн жооптуу катчысы болуп дайындалган.

Жубайы Камчыбекова Кайыргүл Ош шаарындагы № 27-мектепте мугалим, Кенжебай деген уулу, Шайыргүл, Мээргүл, Элионора, Лунара, Лира, Мира аттуу кыздары бар.

У. Мамытов 1970-жылы аскердик кызматта «Аскердеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

Анын чыгармачылыгы мектеп жашынан башталып, 1966-жылы Алай райондук «Кужүрмөн эмгек» гезитине биринчи жолу бир нече ырлары жарыяланган. Ошондон бери республикалык мезгилдүү басылмаларда, журналдарда, альманахтарда жарык көрүп келе жатат.

1974-жылы Кыргызстандын 50 жылдыгына карата өткөрүлгөн жаш акындардын республикалык фестивалынын лауреаты болгон.

1983-жылы куурчак театры үчүн жазылган анын «Балдар курган шаары» аттуу пьесасы Кыргызстан маданият Министрлиги тарабынан кабыл алынган.

Ал 1996-жылы «Дүйнө базар» аттуу жеке менчик гезит түзүп, анын көптөгөн тиркемелерин чыгарган.

1974-жылдан журналисттер Союзунун, 1997-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Жылдыздар», ырлар. Бишкек, 1983, 58 бет.

«Көңүл колум», ырлар. Бишкек, 1991, 28 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

А. Рашидов. «Звезды молодости». «Ленинский путь», 15. 01. 1983.

Ж. Шериев., Б. Абдирашитов. «Жылдыздарга» жылуу пикир», «Ленин жолу»,16.02. 1983.

А. Калбаев. «Айрым байкоолор». «Кыргызстан маданияты», 14.02. 1985.

Б. Сүйоркулов. «Жылдыздарга саякат», «Ленин жолу», 19.03. 1983.

А. Султанов. «Жүрөк толкуну», «Ош жаңырыгы», 8.02.1992.

П. Ирисов. «Жылдыздарга кол сунган поэзия», «Ош жаңырыгы», 30.04.1997.



# МАННАНОВ АБДУКАХХАР

(9.05.1931— 4.06.1999-ж.ж.)



Драматург Абдукаххар Маннанов Араван районундагы Араван айылында туулган. 1947- жылы Навои атындагы орто мектептин 9-классын аяктагандан кийин Ошко келип, мугалимдер институтунун даярдоо бөлүмүндө окуган. Аны 1952-жылы аяктагандан кийин, Араван кыштагындагы Навои орто мектебинде мугалим, директордун окуу бөлүмү боюнча орун басары болуп иштеген. Көп убакыт өтпөй Араван райондук элге билим берүү бөлүмүнүн мектептер боюнча инспекторлугуна которулган. 1952-1955-жылдары Амур облусунун Завитинск шаарындагы зениттик-артиллериялык аскердик окууда билим алган. 1955-1959-жылдары айылындагы Навои атындагы орто мектепте директор болуп иштеген. 1961-жылы Ферганадагы мамлекеттик педагогикалык институтту, 1966-жылы Ташкенттеги жогорку партиялык мектепти аяктаган.

Өмүрлүк жубайы Байдадаева Мастуранын кесиби врач, учурда үй кызматкери, Тамарахан, Абдунаби, Дилорам, Зульфия, Өктөмжан, Бабур, Илхом аттуу уул-кыздары бар. Алар Араван айылында жашашат.

Абдукаххар Маннанов «Эмгектеги каармандыгы үчүн» (1945), «Көп жылдык ак эмгеги үчүн» (1991) медалдардын ээси болгон.

Анын биринчи «Водиларни кезганда» деген көркөм чыгармасы 1951-жылы «Советтик Өзбекстан» гезитине басылган. Андан кийин анын көптөгөн сценкалары, сатиралык шакабалары, курч макала-

лары Өзбек жана Кыргыз Республикаларынын гезит-журналдарында жарыяланып келген. Өз алдынча китептери чыгып, бир топ пьесалары боюнча сахналык чыгармалар коюлган. Ал кийинки кездерде пьеса жанрынын үстүндө үзүрлүү иштеген.

А. Маннанов Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун ( 1965 ) жана жазуучулар Союзунун (1995 ) мүчөсү болгон.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Турмуш менен адымдап», очерктер жыйнагы. Бишкек, 1963, 11 бет.

«Киров атындагы өзбек драм театры», тарыхый очерк. Бишкек, 1966. 70 бет.

***Өзбек тилинде***

«Кутлуг йул». ( «Ыйык жол» Араванга 60 жыл ). Ош, 1966, 120 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Усман Темир. «Гөрдаги хазина». «Ленин йули», 1969.

М. Мирзарахимов. «Хаетнинг бошланиши» комедиясига». 1967.





## МИСИРОВ АМАНГЕЛДИ

9.02.1943-ж. туулган.

Балдар жазуучусу Амангелди Мисиров Жалал-Абад облусундагы Сузак районунун Чапкындык айылында туулган. Айылындагы орто мектепти аяктаган соң Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине кирип, аны 1966-жылы бүтүргөн. Андан кийин мектептерде мугалим, 1991-1993-жылдары "Ленин жолу" жана Жалал-Абад облустук «Акыйкат жарчысы» гезиттеринде өз кабарчы болуп иштеген. Андан бери Оштогу А.П. Федчёнко атындагы мектепте мугалим болуп эмгектенүүдө.

Үй-бүлөлүү, жубайы Мырзакулова Саадат мугалим, Рахат, Махабат, Миртемир, Нуржамал, Ырыскан аттуу уул-кыздары, төрт небереси бар. Ош шаарында жашап турушат.

Амангелди Мисировдун адабий чыгармачылык жолу 1980-жылдардан башталып, анын «Балалыктын үнү» аттуу балдар үчүн аңгемелер жыйнагы 1991-жылы Бишкектен жарык көргөн. Ошондон бери балдар үчүн проза жанрында эмгектенип келе жатат.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Балалыктын үнү», балдар прозасы. Бишкек, 1991, 46 бет.
«Акылдуу улактар», балдар прозасы. Ош, 1993, 44 бет.
«Сүрөтчү булуттар», балдар үчүн ырлар. Ош, 1995, 52 бет.
«Асыл таштардын касиети», балдар прозасы. Ош, 1997, 38 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Токтомамбетов А.Д. «Башталгыч класстардын адабий окуу китептери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү». Бишкек, 1997, 27-28, 36-беттер.

Токтомамбетов А.Д. «Адабий окуу».( 3-класстар үчүн ) . Бишкек, 1997, 32-бет.

Токтомамбетов А.Д. «Адабий окуу». (4-класстар үчүн ). Бишкек, 1997, 24-25, 76-77-беттер.



# МИЯШЕВ ТАШ

22.05.1931-ж. туулган.

Акын жана прозаик Таш Мияшев Кара-Суу районунун Папан кыштагында туулган. Айылындагы жети жылдык мектепти бүтүп, колхоздо учётчик болуп иштеген. 1948-жылы Ош шаарындагы орто мектепке кирип, аны 1951-жылы бүтүрөт да, ошол эле жылы облустук «Ленин жолу» гезитине өз кабарчылык кызматка орношкон. 1952-1957-жылдары «Большевик» орто мектебинде мугалим, Кара-Суу районосунда инспектор, райкомдо инструктор, облустук «Ленин жолу» гезитинде кызматкер, 1959-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун Ош облусу боюнча кеңешчиси, 1962-жылдан «Ленин жолу» гезитинде адабий кызматкер болуп иштеген. 1967-1969-жылдары Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтунда окуп келип, «Кыргызстан маданияты» гезитинин Ош облусу боюнча өз кабарчысы, 1972-1975-жылдарда облустук телерадио комитетинин төрагасы болгон. 1967-жылы Ош мамлекеттик пединститутун сырттан окуп бүтүргөн.

1976-жылдан облустук «Ленин жолу» гезитинде адабий кызматкер, 1987-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитинин оз кабарчылыгына которулуп, ушул кызматта иштеп жүрүп эс алууга чыккан. Үй-бүлөлүү, жубайы Мияшева Үрүйпа пенсияда, Равшан, Гүлжан, Акынбек, Нуржан, Урматгүл аттуу уул-кыздары, он эки небереси бар. Ош шаарында жашап турушат.

Т. Мияшевдин адабий чыгармачылык жолу 1952-жылдан башталып «Коммунизм семафору» деген алгачкы ыры ошол жылы октябрь айында «Кызыл Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») гезитине басылган. Ошондон баштап анын ырлары, поэмалары республикалык, облустук гезит-журналдарда жарыяланып келди. Т. Мияшевдин бир топ прозалык чыгармалары да бар, анын «Махабат менен коштошуу» аттуу повести экинчи жолу басылган, ошондой эле бул повестин Ош кыргыз драм театры сахналаштырган. Айрым чыгармалары орус тилине которулуп басылган. Т. Мияшев 1959-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Үзүрлүү эмгеги үчүн «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланып (1970), «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери» (1995) деген ардак наамга татыктуу болгон.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Туңгуч күү», ырлар. Бишкек, 1966, 152 бет.
«Таңды тосуу», ырлар жана поэмалар. Бишкек, 1967, 60 бет.
«Махабат менен коштошуу», повесть. Бишкек, 1968, 68 бет.
«Комиссар», даректүү повесть. Бишкек, 1969, 100 бет.
«Керме-Тоо», ырлар жана поэмалар. Бишкек, 1971, 88 бет.
«Дарыя күүсү», ырлар жана поэма. Бишкек, 1980, 104 бет
«Өлбөстүккө таазим», повесттер. Бишкек, 1982, 316 бет.
«Алтын аймак», ырлар жана поэма. Бишкек, 1984, 72 бет.
«Аталар жолу», даректүү повесть. Бишкек, 1987, 199 бет.
«Ак-Буура ыры», ырлар. Ош, 1995, 176 бет.
«Генерал», даректүү баян. Ош, 1998, 192 бет.
«Махабат менен коштошуу», повесть. Кант, 1993, 96 бет.
«Баарыбыздын атабыз», даректүү повесть. Ош, 1998, 200 бет.

*Орус тилинде*

«Поклон бессмертию». Москва, 1987, 480 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

*Кыргыз тилинде*

Ж.Самаганов. «Советтик Кыргызстан жазуучулары», Био-библиографиялык справочник. Бишкек, 1962, 240-241 беттер.

Ж. Самаганов. «Советтик Кыргызстан жазуучулары», Био-библиографиялык справочник. Бишкек, 1976, 393-395 беттер.

К. Иманалиев. «Махабат менен коштошуу», «Ала-Тоо», 1969, № 5, 125-бет.

Т. Кенжеев. «Биринчи кыргыз комиссары», «Ленин жолу», 7. 01. 1970.

У. Мамытов. «Махабат менен коштошуу», «Ош жаңырыгы», 20.05. 1998.

*Орус тилинде*

Ж. Самаганов. «Писатели Советского Киргизстана», Био-библиографический справочник. Бишкек, 1969, 331-333 стр.

К. Ботояров., Р. Момунбаева., А. Макеева. «Писатели Советского Киргизстана», справочник. Бишкек, 1989, 363-364 стр.

# МУСАЕВ ИШЕНГАЗЫ



16.04.1937-ж. туулган.

Жазуучу жана режиссер Ишенгазы Мусаев Ысык-Көл облустунун Тоң районундагы Кара-Көө айылында туулган. «Кара-Көө» орто мектебин 1954-жылы бүтүрүп, колхоздо эки жыл тракторист болуп иштеген. 1956-жылы Бишкек шаарындагы А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрынын бир жылдык студиясын аяктап, 1964-жылга чейин хордун артисти, солист болуп иштеп, андан 1964-1975-жылдары кыргыз телевидениесинде 11 жыл режиссер болуп эмгектенген. 1975-жылдан Ош шаарында эл чыгармачылык борборунда улук методист, мурдагы ВЛКСМ атындагы жибектен кездеме токуучу комбинатта тарбиячы, УТЭКте диспетчер, аңчылык инспекциясында аңчылардын жетекчиси, «Союзпечатта» улук усулчу, Ош телестудиясында редактор, режиссёр, кайрадан эл чыгармачылык борборунда, Ош филармониясында режиссёр болуп иштеген. Учурда «Ош Ак-Таш» Акционердик Коомунда иштеп жатат.

Жубайы Мусаева Дөөлөтбү үй кызматкери, Айбек, Эрмек, Тилек, Жибек, Зирек, деген уул-кыздары бар. Ош шаарында жашашат.

1958-жылы Кыргыз Республикасынын Грамотасы менен сыйланган.

Ишенгазы Мусаевдин чыгармачылык жолу эрте башталып, биринчи кара сөз түрүндөгү «Негр уулунун кайгысы» деген чыгармасы 1959-жылы «Жаш Ленинчи» журналына жарыяланган. Андан кийин да анын бир нече аңгемелери республикалык газета-журналдарда, альманахтарда жарыяланып , республикалык радио уктуруудан берилип жүргөн.



Ал 1996-жылдан Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Беде», аңгемелер. Бишкек, 1969, 84 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

С. Жигитов, «Бедеден чыккан беш ооз сөз». «Кыргызстан маданияты», 18.08. 1960.

С. Тургунбаев, «Сындын сабаттуулугу жагдайында». «Кыргызстан маданияты», 20.08.1970.

# НУРДИНОВ АЛМАЗ

27.10.1957-ж. туулган.



Жазуучу, публицист Алмаз Нурдинов Алай районунун Жошолу айыл өкмөтүнүн Миязды кыштагында туулган. Айылдагы мектептен онунчу классты бүткөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүнө тапшырып, аны 1980-жылы аяктап келип, ошондон бери Ош облустук «Ош жаңырыгы» (мурдагы «Ленин жолу»), гезитинде кабарчы, бөлүм башчы, жоопту катчы болуп иштеп келе жатат.

Жубайы Приева Динара мугалим. Кыял, Асел, Сагындык, Эркин аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашашат.

Алмаз Нурдиновдун «Саргыч-кызыл жалбырактар» деген алгачкы чыгармасы 1977-жылы «Ленинчил жаш» гезитине чыккан. Андан кийин мезгилдүү басылмаларда, журналдарда анын прозалык чыгармалары жарык көрүп келе жатат.

Ал 1996-жылдан Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Оогандык кыргыздар», даректүү баян. Ош, 1992, 50 бет.



# ОСМОНОВ ЭРМАМАТ

25.05.1937-ж.туулган.



Акын Эрмамат Осмонов Ноокат районунун «Төлөөс» айыл өкмөтүнүн Меркит кыштагында туулган. Турмуш-шартка байланыштуу ар кайсы мектептерде окуп, 10–классты 1956-жылы Өзгөн шаарындагы мектеп-интернатын аяктаган. 1960-жылы Токмок шаарындагы маданий агартуу окуу жайын бүтүрүп келип, Кызыл-Кыя шаарындагы кыш заводунда жумушчу-вагонетчи болуп иштеген. 1961-1963-жылдары Фрунзе райондук «Алга» гезитинде адабий кызматкер, 1963-1965-жылдары Кыргызстан КП БКнын алдындагы советтик партиялык мектебин аяктаган. Андан кийин кайрадан түзүлгөн Фрунзе райондук «Ильич нуру» гезитинде бөлүм башчы болуп иштеп туруп, Москвадагы Жогорку партиялык мектептин журналистика факультетин 1972-жылы бүтүргөн. Ош областтык «Ленин жолу» гезитинде кабарчы болуп иштеген. 1993-жылдан тартып Кызыл-Кыя шаарындагы «Мезгил Жарчысы» гезитинде редактор болуп иштеп келип, 1999-жылдан пенсияга чыккан.

Жубайы Осмонова Ырыс ардактуу эс алууда. Абдылда, Калмурат. Каракыз, Үрүстөм, Аслан, Гүлжамал, Айтмамат, Нуржамал аттуу уул-кыздары бар. Ал 1970-жылы "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

Эрмамат Осмоновдун чыгармачылык жолу он жети жашынан башталып, Ноокат райондук «Колхозчу» гезитине «Бригадирге» деген ыры 1956 –жылы чыккан. Мезгилдүү басмаларда, альманах, журналдарда анын ырлары үзгүлтүксүз жарыяланып келе жатат.

Ал 1970-жылдан журналисттер Союзунун, 1988-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү..

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Дарбыздар уктап жатыптыр», балдар үчүн ырлар. Бишкек, 1976, 38 бет.

«Бакалардын сайраны», балдар үчүн ырлар жыйнагы. Бишкек, 1980, 36 бет.

«Менин тагдырым», ыр жыйнак. Бишкек, 1986, 52 бет.

«Жүрөгүм бир нерсени туюп турат», ырлар. Кызыл-Кыя, 1996, 80 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

С Жусуев, «Куттуктоо гана керек», «Ленинчил жаш», 12. 08. 1965.

К. Бобулов, «Жүрөк толкуткан ырлар», «Кыргызстан пионери», 16.04.1973.

С. Эралиев, «Акын тагдыры», «Ала-Тоо» журналы, №1, 1964.

Т. Мияшев, «Менин тагдырым» ырына пикир», «Ленин жолу», 5.22.1988.

К. Бобулов, «Жаштык жалын», «Ленин жолу», 14.08. 1988.



## ПАСАҢОВА ЗИНАКАН

11.01.1956-ж. туулган.



Жазуучу Зинакан Пасаңова Алай районунун Мурдаш айылында туулган. «Мурдаш» орто мектебин аяктап, Кыргызстан мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырат да, аны 1978-жылы бүтүрүп келип, айылындагы «Мурдаш» орто мектебинде мугалим болуп иштей баштайт. Андан Алай райондук «Кужүрмөн эмгек» гезитинде 1979-1981-жылдары кабарчы, бөлүм башчы болуп иштеген. 1982-1991-жылдары эл депутаттарынын Ош облустук аткаруу комитетинин жалпы бөлүмүндө кызматкер, 1991-1997-жылдары шаардык «Ош шамы» гезитинде кабарчы, редактордун орун басары болуп эмгектенген. 1997-жылдан республикалык «Кыргыз Туу» гезитинде өз кабарчы болуп иштеп жатат.

Үй-бүлөлүү, жолдошу Мурзаев Маматаалы Оштогу мамлекеттик университеттин ага окутуучусу. Нуркыз, Замир, Акылбек, Азамат деген уул-кыздары бар.

Зинакан Пасаңованын чыгармачылыгы мектепте окуп жүргөн кезинде эле башталган. 1971-жылы анын «Эрте жаздын байчечекейлери» деген аңгемеси «Кыргызстан пионери» гезитине жарыяланган. Анда Зинакан Пасаңова онунчу класстын окуучусу болчу. Андан кийин аңгеме жана башка прозалык чыгармалары түрдүү гезиттерде, журнал, альманахтарда жарыяланып келе жатат.

Ал 1998-жылдан бери Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Аял сыры», аңгемелер. Ош, 1997, 90 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Т. Жумабаева, «Аял сырын аял билет». «Ош жаңырыгы», 7. 10. 1997.

# САЙДУЛЛАЕВ НУУМАН

1.01.1949-ж. туулган.



Жазуучу Нууман Сайдуллаев Лейлек районуна Караштуу Катраңабад айылында туулган. Айылдан онунчу класcты аяктаган соң, Кыргызстан мамлекеттик университетине кирип, анын филология факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун 1966-жылы «Кулуңду» колхозунда колхозчу болуудан баштаган. Андан кийин статистика башкармасында ага инспектор, райондук «Алга» гезитинде адабий кызматкер болуп жүрүп армияга чакырылып, кайтып келгенден кийин да «Алга» гезитинде адабий кызматкерлик ишин 1973-жылга чейин улантKан. Ушул жылы Ош облустук «Ленин жолу» гезитине ишке которулган. Анда 1976-жылга чейин иштеп, 1976-1991-жылдарда Ош областтык телерадио комитетинде ага редактор, бөлүм башчы, башкы редактордун орун басары, «Толкун» студиясында башкы редакторлук милдеттерди аткарган.

1991-жылы өзү туулуп өскөн айылы Катыраңабадда чакан ишкана уюштуруп, өзү жетектейт. 1995-жылы жаңыдан түзүлгөн «Хан Шырдак» аттуу дыйкан чарбасынын төрагалыгына шайланат. 1997-жылдын март айынан «Катраң» айылдык Кеңешинин төрагалыгына жана «Катраң» айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайланат. Катраң айылдык Кеңештин депутаты.

Жубайы Жаркозиева Ракыя айылдагы Козу-Баглан орто мектебинде орус тилчи мугалим. Алар 3 уул, 4 кыздын ата-энелери. Катраңабад айылында жашашат.

Н. Сайдуллаевдин чыгармачылыгы мектеп жашында башталып, 1965-жылы анын биринчи «Жазгы ыр» деген ыры Лейлек райондук «Алга» гезитине басылган. Андан кийин анын ырлары, аңгемелери мезгилдүү басылмаларда, журнал, альманахтарда кез-кези менен басылып келди.

Нууман Сайдуллаев 1982-жылдан журналисттер Союзунун, 1991-жылдан жазуучулар Союзунун мүчөсү.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Коломто», аңгемелер. Бишкек, 1982, 44 бет.

«Күн баш бакты», Повесть жана аңгемелер. Бишкек, 1991, 160 бет.

«Жоголгон күн», Роман жана повесть. Ош, 1995, 220 бет.

«Хан шырдак», Роман дастан. Ош 2000, 270 бет

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

К. Эдилбаев, «Тоо булагына» баш сөз», Бишкек, 1979, 1-4-беттер.

А. Жакыпов, «Коломтонун жарыгы», Лейлек райондук «Алга» гезити, 12.08. 1983.

С. Станалиев, «Тайбуурул да тай болгон», Бишкек, «Ала-Тоо» журналы, № 1, 1987.

К. Даутов, «Жаштар чыгармачылыгы: бүгүнкү күндүн прозасы», «Ленинчил жаш», 13.08. 1989.

Э. Жороев, «Чакан чыгармадагы чыйрак ойлор», «Ленин жолу», 11.02.1989.

У. Ботобеков, «Азыркы аңгемелер», «Кыргызстан маданияты», 12.08. 1990

# САПАЕВ МУСА

15.08.1945-ж. туулган.



Акын жана публицист Муса Сапаев Чоң-Алай Районунун Дароот-Коргон айылында туулган. 1963-жылы айылдагы «Коммунизм» орто мектебин бүтүрүп, 1970-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун инженер-механикалык адистигине тапшырып, аны 1970-жылы бүтүп келгенден кийин эмгек жолун ошол эле жылы Алай районунун Гүлчө айылында автобазада автомеханик болуп иштөөдөн баштаган. Андан кийин Алай МЖСде башкы инженер, 1976-1984-жылдары райондогу ДЭУ-16 нын начальниги, Чоң-Алай райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүргөн. 1994-жылдан эркин чыгармачылыкка чыккан.

Өмүрлүк жубайы Айдарова Өктөм үй кызматчысы. Мунара, Самара, Эркингүл аттуу кыздары Калыкул деген уулу жана 3 небереси бар. Ош шаарында жашап турушат.

Муса Сапаевдин адабий чыгармачылык жолу 1969-жылдан башталып, ошол жылы анын алгачкы ырлары Фрунзе шаарындагы «Политехник» гезитине жарыяланган. Андан кийин анын ырлары, публицистикалык макалалары, очерктери мезгилдүү басылмаларда жарык көрүп келе жатат. Актуалдуу макалалары менен конкурстарга катышып, ал 1996-жылы улуттук «Маданият» программасы боюнча президенттик грантты, 1997-жылы «Сорос Кыргызстан» фондунун журналистика боюнча биринчи сыйлыгын, 1997-жылы «Замана» теле программасынын «Жылдын мыкты идеясы» деген конкурсу боюнча биринчи сыйлыгын, 1998-жылы«Вечерный Ош» гезитинин «Ош-3000»ге карата уюштурган «Менин махабатым» аттуу конкурсунун биринчи сыйлыгын жеңип алган.

Муса Сапаев 1991-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Ыйман оту», публицистика. Бишкек, 1990, 116 бет.

«Улуттук кайра жаралуу идеясы», публицистика. Бишкек, 1995, 98 бет.

«Улуттук кайра жаралуу программасы», публицистика, Бишкек, 1996, 38 бет.

«Айлуу түн», ырлар. Ош, 1996, 86 бет.

«Тоолор жана аялзат тагдыры», публицистика. Бишкек, 1998, 92 бет.

«Алай тарыхы», тарыхый публицистика. Бишкек, 1998, 116 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

У. Мамытов, «Акындын айлуу түнү». «Ош жаңырыгы», 11.07. 1997.

А. Урбаев, «Древность и молодость Алая», «Эхо Оша» 29.08.1998.

## СУЛАЙМАНОВ ИСРАИЛ



3.03.1919. — 25.07.1989.

Акын, жазуучу Исраил Сулайманов Кара-Суу районунун Талдык айылында туулган. Алты жашында атасынан,14 жашында энесинен ажыраган. 1934-жылы айылдан жети жылдык мектепти бүтүрүп, андан кийин Жалал-Абаддагы педтехникумга тапшырып, аны бүтүрүп келип, Кара-Суу районунун Алгабас айылында мугалим болуп иштей баштаган. 1940-1946-жылга чейин Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Украинада, Белоруссияда, Польшанын талааларында фашисттик баскынчылардын мыкаачылыгын өз көзү менен көргөн. Кийин согуштун азап-тозоктору, жеңиштүү кубанычтары анын чыгармаларында чагылдырылган. 1946-жылы согуштан кайтып келип, 1951-жылга чейин Талдык айылындагы Киров атындагы толук эмес орто мектебинде мугалим болуп иштеп жүрүп, 1951-жылы Оштогу педагогикалык институттун филология факультетине кирип, аңы артыкчылык диплому менен 1955-жылы бүтүрүп чыгып, мугалимдик кесибин улантып, алгач «Отуз-Адыр» орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Андан Кара-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнө инспектор болуп келген. 1958-жылдан 1964-жылга чейин Кара-Суу райондук «Эмгек майданы», Ош облустук «Ленин жолу» гезиттеринде иштеген. Бул жылдардын аралыгында райондор аралык газета Ош шаарында уюштурулуп, анын редакторунун орун басарынын милдетин аткарган. Бул газета жоюлганда И. Сулайманов «Ленин жолу» гезитине бөлүм башчылыкка ишке чакырылган. Кийин кыргыз радиосунун Ош облусу боюнча кабарчысы болуп иштеген.

Ал 1967-жылдан 1971-жылга чейин Кыргызстан жазуучулар Союзунун облустук бөлүмүндө оболу адабий кеңешчиси 1971-жылдан 1976-жылга чейин жооптуу катчы болуп иштеген.

И. Сулайманов 1976-жылдан ооруп калып, акыры анын айынан каза болгон.

Жубайы Сулайманова Карачач эне Эрмек аттуу уулдун , Бактыгүл, Айзада, Айнура, Бермет, Анара жана Алтынай деген алты кыздын энеси.

Исраил Сулайманов Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде экинчи даражадагы «Ата Мекендик согуш» ордени, «Согуштагы каармандыгы үчүн», «Берлинди алгандыгы үчүн», Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде «Германияны жеңгендеги салымы үчүн», «Артыкчылыгы үчүн» жана башка медалдар менен сыланган.



Анын чыгармачылыгы элүүнчү жылдардан башталып, биринчи ырлар жыйнагы «Ак була» деген ат менен 1964-жылы Фрунзе шаарынан жарык көргөн. Кийин анын прозалык чыгармалары газета-журналдарга жарыяланып, өзүнчө китеп болуп чыккан. Андан соң жазуучу, акындын бир топ китептери жарык көргөн. Орус тилине которулган жана өзү да котормолор үстүндө иштеген.

1967-жылдан СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү болгон.

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Ак була». Ырлар. Фрунзе, 1963, 41 бет.

«Токой күңгүрөнөт». Повесть, аңгемелер. Фрунзе, 1969, 151 бет.

«Ал кайра келет». Аңгемелер. Фрунзе, 1971, 164 бет.

«Мүнөздөр». Повесть, аңгемелер. Фрунзе, 1974, 204 бет.

«Балдардын кенжеси». Повесть. Фрунзе, 1976, 104 бет.

«Өжөр кишилер». Повесттер жана аңгеме. Фрунзе, 1980, 280 бет.

«Повесттер». Фрунзе, 1982, 232 бет.

«Алыс сапар». Роман. Фрунзе, 1988, 270 бет.

«Өмүр ыргактары». Лирикалык жана сатиралык ырлар. Фрунзе, 1990, 86 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

***Кыргыз тилинде***

Арстанбеков М. «Изденүү издери». «Кыргызстан маданияты», 4.01.1973.

Мияшев Т. «Байсалдуу өмүр». «Мугалимдер газетасы», 3.03.1989.

Мавлянов Ж. «Катаал мезгилдин сүрөткери». «Советтик Кыргызстан», 12.03. 1989.

Жусуев С. «Кайран киши». «Кыргызстан маданияты», 3.08.1989.

Мияшев Т. «Пейли кенен жан эле». «Кыргызстан маданияты», 3.08. 1989.

Бостонкулов Т. «Элеси эстен кетпейт». «Кыргызстан маданияты», 3.08. 1989.

Кадыров С. «Жоокер эле». Ыр. «Кыргызстан маданияты», 3.08.1989.

Жээнбеков А. «Жазуучунун жазганы калат». «Ош жаңырыгы», 3.04. 1999.

***Орус тилинде***

Султанов А., Рашидов А. «Турмуш жана тагдыр». «Ленинский путь», Ош облустук гезит, 19.05. 1989.



## СУЛАЙМАНОВ ТОКТОБАЙ

11.09.1940-ж. туулган.

Жазуучу жана котормочу Токтобай Сулайманов Алай районундагы Будалык айылдык Кеңешине караштуу Кара-Суу айылында туулган. «Кара-Суу» жети жылдык мектебин 1954-жылы бүтүргөн соң Оштогу мамлекеттик айыл чарба техникумунун агрономия бөлүмүнө келип кирген. Аны 1958-жылы бүтүрүп, ушул эле жылы Алай районундагы Карл Маркс атындагы колхоздо агроном болуп иштеген. 1959-1960-жылдары Алай райондук «Кужүрмөн эмгек» гезитинде иштеп турүп, аскерге чакырылган жана ал милдетти өтөп келип, 1963-жылы Оштогу мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине ташшырган. Аны 1968-жылы аяктап, Алай районунун Сопу-Коргон айылындагы «Алай» мектеп-интернатында мугалим, кийин райондук «Кужүрмөн эмгек» гезитинде бөлүм башчы болуп эмгектенген. 1968-жылдан баштап ушул кезге чейин «Ош жаңырыгы» (мурдагы «Ленин жолу») гезитинде эмгектенип келе жатат. Бул аралыкта коомдук иш катары Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун Ош областтык бөлүмүнүн алдындагы «Жазуучу» чакан ишканасынын директорунун милдетин да аткарган.

Жубайы Каримова Мырзайым «Кыргызбасмасөз» мекемесинин бухгалтери, Чынара, Гүлнара, Мекен деген уул-кыздары жана бир небереси бар.

Токтобай Сулайманов 1989-жылы Кыргыз Республикасынын Грамотасы менен сыйланган.

Ал мектепте окуп жүргөн мезгилинде эле райондук жана облустук гезиттерге макалаларды, жаңылыктарды жазып жүргөн. Анын «Качан кат келет?» деген тунгуч новелласы 1961-жылы



облустук «Ленин жолу» гезитинде жарык көргөн. Андан кийин анын ыр, аңгемелери облустук, республикалык гезиттерде, журнал, альманахтарда жарыяланып келе жатат. Бир топ китептердин автору. Ал чыгармачылык жаатындагы конкурстарга катышып, алардын айрымдарынын жеңүүчүсү да болгон. Кыргыз Республикасынын кинематографисттер Бирлигинин мультфильм тасмалардын сценарийи боюнча конкурстун лауреаты. «Сорос-Кыргызстан» фондунун 1996-1997-жылдардагы конкурстарынын жеңүүчүсү.

Ал 1974-жылдан журналисттер Союзунун , 1989-жылдан Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун мүчөсү .

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Акыркы түн», аңгемелер. Бишкек, 1980, 103 бет.
«Бедел», аңгемелер. Бишкек, 1983, 124 бет.
«Чыйыр», повесть, аңгемелер. Бишкек, 1988, 320 бет.
«Аскиячы монтёр Буйтур жаангер Чынгызхан өткөн жолдо», баянат. Ош, 1998, 86 бет

## ТАШБАЕВ КАРМЫШАК

15.01.1935-ж. туулган.



Акын жана котормочу Кармышак Ташбай уулу Аликетегин Кара-Кулжа районунун Шаркыратма кыштагында туулган. 1943-жылы айылдагы Киров атындагы жети жылдык мектепке кирип, аны аяктагандан кийин Биринчи Май кыштагындагы Токтогул атындагы орто мектепте окуп, аны 1953-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы эмгек жолун колхоздо табелчи болуудан баштаган. 1954-1957- жылдары аскер милдетин өтөп келип, геологиялык чалгындоо партиясынын ага бургулоочусу, Кара-Кулжа райондук «Коммунизм үчүн» гезитине жооптуу катчы болуп иштейт. 1960-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүнө кирип, аны 1965-жылы бүтүрүп чыккан. 1965-1969-жылдары облустук «Ленин жолу» гезитинде адабий кызматкер, 1969-жылдан «Кыргызстан пионери» гезитинин Ош облусу боюнча кабарчысы, 1976-1999-жылдары Кыргызстан жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүнүн жооптуу катчысы болуп иштеди. Учурда облустук филармониянын көркөм жетекчиси, «Ош» альманахынын кызматкери.

Жубайы Ташбаева Гүлүмбү «Ош жаңырыгы» гезитинин кызматкери. Малик, Жамгыр, Чынара, Гүлнара аттуу уул-кыздары, 7 небереси бар. Ош шаарында жашашат.

Ал 1995-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген наам алып, ушул эле жылы «Манас эпосуна—1000 жыл» аттуу эстелик медаль менен сыйланган. К.Ташбаев облустук Советтин XXI чакырылышынын (1990-1995) депутаты.

Акындын чыгармачылык жолу мектеп жашынан башталган. Анын биринчи «Таң калуу» деген ыры 1958-жылы ноябрь айында облустук «Ленин жолу» гезитине чыккан. Андан кийин республикалык мезгилдүү басылмаларда, журналдарга жарыяланган. Көптөгөн китептердин жана котормолордун автору. Ал Литва элинин белгилүү акыны, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Ю. Марцинкявичюстун «Кан жана күл» аттуу баатырдык поэмасын жана башка көптөгөн акындардын ырларын, поэмаларын которгон.

Кармышак Ташбай уулу Аликетегин 1969-жылдан журналисттер Союзунун, 1970-жылдан бери Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун мүчөсү.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Кыргыз тоолору», ырлар. Бишкек, 1969, 44 бет.
«Мен көргөн жаздар», ырлар. Бишкек, 1970, 80 бет.
«Тоо жана төө», кенже балдар үчүн ырлар. Бишкек, 1973, 20 бет.
«Багыт», ырлар. Бишкек, 1974, 44 бет.
«Мезгил күүсү», ырлар. Бишкек, 1977, 40 бет.
«Мезгил-тулпар», ырлар. Бишкек, 1979, 96 бет.
«Аралыктар», ырлар, поэмалар. Бишкек, 1985, 236 бет.
«Канаттуу тоолор», ырлар. Бишкек, 1987, 70 бет.
«Жандуу топурак», ырлар жана поэмалар. Бишкек, 1990, 112 бет.

***Орус тилинде***

«Время – скакун», стихи. Бишкек, 1981, 68 бет.
«Время – скакун», стихи. Москва, 1985, 80 бет.

***Котормолору***

Ю. Маркинкявичюс, «Кан жана күл». Бишкек, 1983, 136 бет.
Р. Моуди. «Өлгөндөн кийин». Ош, 1992, 32 бет.
«Манас баяны», коллективдүү жыйнак. Ош, 1995, 184 бет.
«Байыркы жана бүгүнкү Ош», гезит-китеп басмасы. Ош, 1999, 190 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Ш. Абдраманов. «Доордун талабынан артта калбоо зарыл милдет», ( Жазуучулардын бүткүл союздук 1У сьездине карата ), «Ленин жолу», 21.05.1967.

Д. Станов. «Кыргыз тоолорун кыдырганда», «Кыргызстан маданияты», 10. 06.1970.

А. Камалов, «Жаш акын көргөн жаздар», «Ленин жолу», 20.01. 1971.

А. Камалов, «Жаш акын көргөн жаздар», «Кыргызстан маданияты», 17.03. 1971.

С. Шатманов, «Тоолор төөгө окшошот», «Мугалимдер газетасы», 5.04.1974.

А. Муратов, Тоо жана төө», «Ленин жолу», 12.07.1974.

К. Эдилбаев, «Өз алдынчалык туурасында», «Кыргызстан маданияты»,26.12.1974.

Ж. Самаганов, «Советтик Кыргызстан жазуучулары», Бишкек, 1976, 526-527- беттер.

К. Бакиров, «Аз чыкса да, саз чыккан», «Ленин жолу», 3.09.1977.

Б. Камчыбеков, «Мезгил күүсү жаңырат», «Ленин жолу», 15.04. 1978.

Ж. Жээнбеков, «Акындын поэзия кечеси», «Ленин жолу», 23.02.1980.

Ж. Шериев, «Тулпарың табынан жазбасын», «Ленин Жолу», 4. 04. 1980.

Ж. Шериев, «Акындын жаңы жыйнагы», «Кыргызстан маданияты», 13.11.1980.

К. Султанбаев, «Акындын арую ойлору», «Ленин жолу», 3.03. 1983.

А. Камалов, «Мезгилдин күүсүнө шайкеш», «Ленин жолу», 12.01.1985.

С. Жусуев, «Ыр сапары каарыбайт», «Ленинчил жаш», 15.01. 1985.

С. Тургунбаев, «Сапарга баруучу жол абдан алыс», «Кырызстан маданияты», 17.01.1985.

К. Байжигитов, «Соңку повесттерге көз караш», «Кыргызстан маданияты», 23.05.1985.

А.. Эркебаев, «80-жылдардагы поэзиябыздын арымы», «Кыргызстан маданияты», 31.01.1985.

Э. Тиллебаев, «Оптимизимге нурланган саптар», «Ленин жолу», 28.07.1990.

С. Кадыров, «Жайнаган жемиш болот эртеңдерге». «Ленин жолу», 28.08.1990.

К. Сактанов, «Көңүл өйүйт», «Эркин тоо», 14.09. 1994.

С. Кадыров, «Изденгич, түйшүкчүл акын», «Ош жаңырыгы», 7.02.1995.

Т. Моңолбаев, «Маданий бийиктик ар инсандын парзы», «Ош жаңырыгы», 2.03.1995.

А. Султанов, «Ишеним чоң сыймык», «Ош жаңырыгы», 11.01. 1996.

З. Пасаңова, «Жакшы ырлар таза жүрөктөн чыгат», «Ош шамы», 6.04.1996.

Ш. Тургунбаев, «Чыгармачылыкта жеңил жол жок», «Ош жаңырыгы»,12.07.1998.

З. Пасаңова, «Барыбыз наалый берсек ишти ким жасайт ? », «Кыргыз туусу», 27-30. 01.1998.

### *Орус тилинде*

А. Абдугафуров, «Менин досум Кармышак», «Ленинский путь», 13.02.1971.

А.Урбаев. «Сиз эмненин үстүндө иштеп жатасыз», «Ленинский путь», 14.08.1971.

Ж. Мамытов, «Мен эки кулүктүн тизгинин кармап турам», «Ленинский путь», 22.08.1973.

А. Урбаев, «Образдын үстүндө ойлонуп», «Ленинский путь»,14.05.1976.



С. Гафарова, «Таланттуу жаштарды издеп», «Ленинский путь», 18.07.1981.

А. Урбаев, «Литва меймандарды чогултту», «Ленинский путь», 24.09.1988.

А. Зайцев, «Тикбегиле башкалардын жүрөгүн», «Комсомолец Киргизии», 23.01.1982.

Н. Мурадымов, «Акындын тынчы жок музасы», «Ленинский путь»,15.01.1985.

И. Склютаускас, «Чыгармачылык оту сымак ойлор учат», «Советская Киргизия», 8.09. 1987.

### *Өзбек тилинде*

Т. Адашбаев, «Кыргыз тоолору», «Ленин йули», 30. 12. 1969.

А. Камалов, «Доордун күүсүн чалып», «Ленин йули», 19.01.1985.

### *Литва тилинде*

И. Склютаускас, «Ала-Тоо үстүндөгү жашыл асман», Литература ир Мянас», журналы, («Адабият жана искусство»), 1981, № 42.

И. Склютаускас, «Кыйындыкты аралап», «Лайкас ир ивикяй» («Мезгил жана окуялар»), 1986, № 14.

И. Склютаускас, «Бизди ой менен эмгек жакындатат», («Менин досум Кармышак жөнүндө очерк»), «Тиеса», (Правда), 30.04.1986.

### *Дунган тилинде*

Я. Шиваза, «Ни го шык чон, Кармышак», «Шыйцеди чи», 18.01.1985.



# ТАШТЕМИРОВ УСМАН

30.01.1940-ж. туулган.

Акын Усман Таштемиров Араван районундагы Чоң-Абад айылында туулган. 1958-жылы орто мектепти бүтүрүп, ошол жылы Ташкент мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүнө тапшырып, аны 1972-жылы сырттан бүтүргөн. Эмгек жолун 1958-жылдан баштап, Мичурин атындагы мектеп-интернатта көркөм жетекчи болуп иштеген. 1959-жылы Оштогу мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип, аны бүтпөй туруп, 1962-жылы аскерге кеткен. 1962-жылы райондор аралык «Гүлбара байраги» гезитинде кабарчы, 1967-1970-жылдары облустук «Ленин йули» гезитинде адабий кызматкер болуп иштеген. 1971-1975-жылдары Өзбекстанда жашап, анда «Өзбекстан кишлок хужалиги», «Гулистон» журналдарында эмгектенген. 1976-1982-жылдары кайрадан «Ленин йули» гезитинде, 1983-1984-жылдарда Бабур атындагы Өзбек музыкалык драма театрында бөлүм башчы, 1985-1987-жылдарда өз алдынча эркин сүрөтчү, 1987-1993-жылдарда «Ош садоси» гезитинде адабий кызматкер, жооптуу катчынын орун басары,1996-жылдан Араван райондук «Дуслик» гезитинин жооптуу катчысы, 1997-жылдан менчик адабий көркөм «Илхом» гезитинин ээси жана башкы редактору болуп иштеп келе жатат.

Жубайы Таштемирова Турдихон үй кызматчысы. Өткүрбек, Гасирбек, Шерзод, Якутай, Бекзод, Рахатай аттуу уул-кыздары бар . Араван айылында жашашат.

Усман Таштемиров 1965-жылы «Жеңиштин 20 жылдыгы» медалы менен сыйланган.

Усман Таштемировдун чыгармачылыгы мектеп жашында эле башталып, 1958-жылы өзбекче чыкчуу «Киргизстан хакикати» гезитине жарыяланган. Андан бери анын чыгармалары өзбек жана кыргыз тилдеринде Кыргызстандын жана Өзбекстандын гезит-журналдарына, альманахтарына көп жолу жарыяланып келе жатат. Ал көптөгөн акындардын ырларын кыргызчадан өзбекчеге которгон.

Усман Таштемиров 1987-жылдан журналисттер Кошунунун, ошол эле жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Көрүндүк», ырлар. Бишкек, 1988, 160 бет.

***Өзбек тилинде***

«Океандан соккон жел», Ырлар. Ташкент, 1969, 92 бет.

«Аяз атанын каалоолору», Ырлар жана поэмалар. Ташкент, 1976, 42 бет.

«Эртеңкиге жол», Аңгемелер. Ташкент, 1976, 178 бет.

«Чыгыштан кат», Ырлар, поэма. Ташкент, 1977, 60 бет.

«Сени сагындым», Ырлар, поэма. Ташкент, 1982, 68 бет.

«Автобиография», Ырлар. Ташкент. 1987, 88 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

М. Мирзарахимов. «Биздин акын»», «Ленин жолу», 31.01. 1990.

***Өзбек тилинде***

Я. Яквалхаджаев. «Океандан экөө», «Өзбекстан маданияты», 12.03.1970.

С. Барнаев. «Окуп койгула балдар», Ташкент, «Ленин учкуну», 11.08. 1976.

М. Мирзарахимов. «Матрос лирикасы», «Ленин йули, 12.08.1977.

М. Махмудов. «Матрос аңгемелери», «Шарк йулдизи» журналы 12.08.1978.

М. Бабаев. «Сагынган журөк», Ёш ленинчи» гезити, 12.08. 1982.

С. Саидов. «Титиреп турган сулуулук», «Узбекстон адабияти ва саноти» гезити,

14. 08. 1988.

К. Тешебаев. «Эки элдин акыны», «Укитувчилар газетаси», 12.01.1990.



## ТИЛЛЕБАЕВ ЭСЕН

23.09.1938-ж. туулган.

Балдар акыны Эсен Тиллебаев Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында туулган. 1961-жылы Араван районунун Гүлбаар айылында иштеп жүрүп, Навои атындагы орто мектепти аяктап, Араван райондук «Жогорку түшүм үчүн», «Достук» гезиттеринде адабий кызматкер, бөлүм башчы, жоопту катчы болуп иштеген. 1970-жылы Оштогу мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин бүтүргөндөн кийин Араван районундагы Токтогул атындагы орто мектепте мугалим, 1974-жылдан баштап «Ош жаңырыгы» гезитине кабарчы, бөлүм башчы, маданият тармагы боюнча редактор болуп иштеген, 1998-жылы пенсияга чыккан.

Жубайы Тиллебаева Айтыгүл үй кызматкери, Таалайбек, Асылбек, Чолпонай, Алымкан, Толгонай аттуу уул-кыздары бар. Араван районунда жашашат.

Эсен Тиллебаев 1987-жылы Кыргыз Республикасынын Грамотасы менен сыйланган.

Анын адабий чыгармачылык жолу 1958-жылдан башталып, ошол жылы алгачкы «Таалайлуу жаштын тилеги» деген ыры Араван райондук «Жогорку түшүм үчүн» гезитине жарыяланган. Андан кийин анын ырлары, балдар үчүн жазылган түрдүү жанрдагы чыгармалары облустук, республикалык гезит-журналдарда жарыяланып келе жатат. Ал 1972-жылдан Кыргызстан журналисттер Союзунун, 1996-жылдан жазуучулар Союзунун мүчөсү..

### ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

***Кыргыз тилинде***

«Чаарчык», бөбөктөр үчүн аңгемелер. Бишкек, 1985, 12 бет.
«Чымчыктар үшүп калышат», балдар үчүн аңгемелер. Ош, 1994, 20 бет.
«Бадырак», балдар үчүн ырлар. Ош, 1994, 10 бет.
«Алтын өрөөндүн атуулу», эссе. Ош 1996, 46 бет.

### АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Ж. Шериев, «Бөбөктөрдүн сырдашы», «Ош жаңырыгы», 7.05. 1996.
Х. Идрисов, «Хамюртимиз хакида китоб», Араван райондук «Дустлик» гезити, 11.05.1996.
А. Малаев, «Алтын өрөөндүн атуулу», Араван райондук «Достук» гезити, 27.04. 1996.



## ТУРАТОВ ДҮЙШӨНБАЙ

1.09.1933-ж. туулган.



Адабиятчы, сынчы Дүйшөнбай Туратов Кара-Кулжа районунун Адыр айылында туулган. 1947-жылы айылдагы «Жаңы-Талап» мектебинин 7-классын бүтүп, ошол эле жылы Ош шаарындагы педагогика окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнө кирип, аны 1951- жылы бүтүргөн. 1948-1954-жылдары Мырза-Аке районундагы «Өзгөрүш», Киров атындагы жана «Жаңы-Талап» мектептеринде мугалим болуп иштеген. 1954-жылы Ош мамлекеттик педагогика институтунун кыргыз филология факультетине кирип, аны 1959-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. 1959-1960-жылдары Өзгөн районундагы «Кызыл-Октябрь» орто мектебинде иштеп, 1960-жылдан Ош мамлекеттик педагогика институтунун филология факультетине которулган. 1961-1965-жылдарда Кыргыз ССР илимдер Академиясынын тил жана адабият институтунда аспирант, 1965-1875-жылдары ошол эле институтта кенже жана ага илимий кызматкер болуп эмгектенген.

1971-жылы «Кыргыз совет прозасындагы жаңы адамдын образы» деген темада кандидаттык диссертация коргогон.

1975-1986-жылдары Ош мамлекеттик педагогика институтунун филология факультетинин кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы, 1986-1991-жылдарда ошол кафедрада доцент, кыргыз жана өзбек филологиясы факультетинде декан болуп иштеген. 1991-жылдын сентябрь айынан бери кыргыз адабияты кафедрасынын доценти.

Жубайы Кулуева Кален пенсияда. Марат, Самат, Болотбек, Тынара, Чынара, Баяна аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашап турушат.

Илимий педагогикалык иштерде активдүү катышкандыгы, педагогикалык кадрларды даярдоодо сиңирген эмгеги үчүн 6 жолу, Кыргызстан ЛКЖС БКсынын 5 жолу Кыргыз Республикасынын агартуу министрлигинин ардак грамоталары, 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. Ал эми 1983-жылы Д. Туратов Кыргыз Республикасынын «Эл агартуусунун мыктысы», 1997-жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» деген наамдарды алууга татыктуу болгон.

Дүйшөнбай Туратовдун адабий чыгармачылык жолу негизинен адабий сын багытында башталып, анын калеминен көптөгөн көркөм чыгармаларга сын жана рецензия жазылган. Д. Туратовдун 150дөн ашык адабий сын, илимий изилдөө, илимий-педагогикалык, публицистикалык макалалары газета, журналдарда, атайын жыйнактарда, илимий-теориялык конференциялардын материалдарында, Кыргыз Республикасынын энциклопедиясында жана өзүнчө жеке монографияларда жарык көргөн.

1995-жылдан Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун, 1996-жылдан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Кыргыз тили жана адабияты боюнча методикалык көрсөтмө», Ош, 1961, 58 бет.

«В.И. Лениндин образы кыргыз поэзиясында». Бишкек, 1967, 36 бет.

«Кыргыз адабиятындагы жаңы адамдын образы». Бишкек, 1970, 24 бет.

«Адамзаттын түбөлүк идеалы». Бишкек, 1970, 44 бет.

«Жаштардын образы кыргыз поэзиясында». Бишкек, 1971, 38 бет.

«Мезгил жана каарман». Бишкек, 1974, 150 бет.

«Көркөм адабияттын тарбиялык ролу». Ош, 1979, 42 бет.

«В.И. Лениндин образы кыргыз поэзиясында». Ош, 1980, 42 бет.



# УМАРОВ ВАХАП



12.03.1941-ж. туулган.

Сатирик жазуучу Вахап Умаров Араван районунун Дөбө-Коргон айылында туулган. Жаңы-Жол башталгыч мектебине барып, андан кийин окуусун Жаңы-Абад айылындагы жети жылдык мектептен улантып, Пушкин атындагы өзбек орто мектебинен билим алган. Оболу колхозчу, андан кийин райондук гезиттин цехинде арип терүүчү болуп иштеген. 1961-жылы Ош мамлекеттик педагогика институтунун орус тили жана адабияты факультетине өтүп, аны 1966-жылы аяктап, ошол жылдан 1977-жылга чейин Пушкин атындагы орто мектепте мугалим, 1977-жылдан облустук «Ленин йули» гезитинде котормочу, андан кийин райондук гезиттин алдында радио уюштуруучу болуп эмгектенген. 1978-жылдан ушул кезге чейин «Бостон» орто мектебинде мугалим болуп иштеп келе жатат.

Жубайы Умарова Зубайда китепканачы, Данияр, Бакытбек, Динара, Талант, Медербек аттуу уул-кыздары, 3 небереси бар.

Вахап Умаров мектеп жашынан эле райондук, облустук гезиттерге кабар, жаңылыктарды жазып турган. Анын сатиралык чыгармалары кыргыз жана өзбек тилиндеги газета-журналдарда жарыяланып келе жатат. Ал эки тилде тең бирдей жаза алат.

1997-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Бөбөк кыялы», юморлуу аңгемелер. Бишкек, 1973, 48 бет.

«Жашыл жалбырактар», сатира жана юмор. Бишкек, 1967, 42 бет.

«Айлан көчөк», күлкүлүү аңгемелер. Бишкек, 1982, 62 бет.

«Жоогазын», коллективдүү жыйнак, Бишкек, 1990, 20 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Э. Тиллебаев, «Бөбөк кыялы», «Ленин жолу» гезити, 10-12 1973.

# УРБАЕВ АБДИРАШИТ

15.03.1946-ж. туулган.



Акын Абдирашит Урбаев Өзгөн районунун Шералы айылында туулган. 1965-жылы Өзгөн шаарындагы Гагарин атындагы мектеп-интернатты бүткөндөн кийин Москвадагы маданият институтуна кирип, аны 1970-жылы бүтүрүп келген. 1970-1972-жылдары Абдирашит Урбаев комсомолдун Ош облустук комитетинде лекторлор тобунун башчысы, пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеген. 1973-1981-жылдары облустук «Ленинский путь» гезитинде кабарчы, бөлүм башчы, 1982-1983-жылдары Ош кыргыз драма театрында адабият бөлүмүнүн башчысы, 1984-1990-жылдары кайрадан «Ленинский путь», (азыркы «Эхо Оша») гезитинде бөлүм башчы, 1991-жылдын февраль айында шаардык "Ош шамы" гезити чыга баштаганда Абдирашит Урбаев башкы редактордун орун басары болуп дайындалып, ошол жылдын сентябрь айынан 1998-жылга чейин башкы редактор болуп иштеген. Ал эми 1998-жылдан облустук «Эхо Оша» гезитинде бөлүм башчы болуп иштеп келе жатат.

Өмүрлүк жубайы Юсупова Гүлбара врач. Жылдыз, Назира, Аида, Жеңиш аттуу уул-кыздары, бир небереси бар. Ош шаарында жашашат.

Абдирашит Урбаевдин чыгармачылыгы мектепте окуп жүргөндө эле башталып, «Бөбөгүм» деген биринчи ыры 1962-жылы 31-январда «Кыргызстан пионери» гезитине жарыяланган. Андан кийин ырлары жана кыргыз, орус тилинде жазган макалалары облустук, республикалык гезит, журналдарда, альманах, топтомдордо үзгүлтүксүз жарыяланып келе жатат.

Абдирашит Урбаев 1974-жылдан Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун, 1997-жылдан жазуучулар Союзунун мүчөсү.



## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Күндү күтүү», Ырлар. Бишкек, 1976, 32 бет.
«Жаштык экспресси», Ырлар жана поэма. Бишкек, 1989, 50 бет.
«Ак-Буура авандары», Ырлар жана поэма. Ош, 1994, 120 бет.

## АКЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Ж. Мамытов, «Командировкага окшогон өмүрдө», Өзгөн райондук «Октябрь туусу» гезити, 7.10. 1976.

А. Муратов, «Алгачкы кадам», «Кыргызстан маданияты», 14.10. 1976.

Т. Эргешов, «Күндү күтүү түгөнбөйт», « Ленин жолу», 5.01. 1977.

А. Пазылов, «Көк жээктин автору ким?», «Кыргызстан маданияты», 6.04. 1988.

Э. Тиллебаев, «Ата Мекен, Эне-Жер кайрыктары», «Ленин жолу, 17.08.1990.

У. Мамытов, «Поэзия—сенсиң менин оттугум», «Ош жаңырыгы» 30. 07. 1994.

А. Султанов, «Акын, журналист, редактор», «Ош жаңырыгы», 26, 12, 1996.

# ҮМӨТАЛИЕВ АЙТМАМАТ

(25.06.1931.-29.12.1980-ж.ж.)



Акын, драматург Айтмамат Үмөталиев Алай районундагы Корул айылында туулган. Андагы «Тогуз-Булак» орто мектебине кирип, кийинчирээк райондун борбору Гүлчө кыштагындагы Токтогул атындагы (азыр Отунчиев атындагы) орто мектепти 1949-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы Оштогу мугалимдердин эки жылдык институтуна кирет, аны 1951-жылы аяктаган соң Алай районунун Будалык айылындагы Карл Маркс атындагы орто мектепте директор болуп иштөө менен алгачкы эмгек жолун баштаган. Ошол жылдын аягында облустук "Ленин жолу" (азыркы "Ош жаңырыгы") гезитине иштөөгө атайын чакырылып, анда 1953-жылдын аягына дейре иштеген, ал эми 1954-жылы республикалык «Кыргызстан пионери» гезитинин жоопту катчы кызматына чакырылган.

1956-жылы Москвадагы Горький атындагы адабият институтуна кирген. Аны бүтөөрүнө үч-төрт ай калганда кышкы каникулда Ноокатта мейманчылап жүрүп, замандаштарынын айтымында жалган жалаа менен алты жылга эркинен ажыратылып кеткен. Айтмамат Үмөталиевди түрмөгө түрткөн соттук өкүмдү 1998-жылы журналисттик иликтөөдө ал өкүм мамлекеттик архивдерде жок болуп чыкты.

Анын жүрүм-туруму жана тынымсыз чыгармачылык иши, драма... чыгармалар боюнча жарыяланган конкурста жашыруун ат менен жарыяланган эки пьесасы жеңүүчүлүк орунду алгандыгы эске алынып, түрмөдөн мөөнөтүнөн үч жыл эрте бошоп, 1962-жылы Кара-Суу райондук «Эмгек майданы» гезитине ишке кирген. Ал эми 1964-жылдан Алай райондук гезитинде адабий кызматкер, мектептерде мугалим болуп эмгектенген.



А. Үмөталиевдин Жоомарт деген уулу, Кумар, Чынар, Динар, Тынара аттуу кыздары бар, кийинки аялы Асылкан Гүлчөдө жашайт.

А. Үмөталиевдин адабий чыгармачылыгы 1950-жылдан башталып, алгач райондук жана облустук гезиттерде, андан соң республикалык «Толкун», «Молодая мечта», «Октябрский набат» альманахтарында анын ырлары байма-бай жарыяланып турган. 1955-жылы жарык көргөн «Эркиндик булбулу» аттуу поэмасы улуу акын Токтогул Сатылгановго арналган.

А. Үмөталиев кыргыз журтчулугуна өз чыйыры бар таланттуу акын катары эле таанылбастан драматургия багытында да үзүрлүү иштеген. Анын «Көлөкө», «Көтөрүлбөгөн тост», «Ак-Бууранын жээгинде» жана башка көп актылуу пьесалары элдик театрларда сахналаштырылган. «Жаңы жээкте», «Алгачкы сыноо», «Билсе азил, билбесе…», «Баланын бары да балээ…», «Абийир», «Алгачкы сүйүү» аттуу бир жана көп актылуу пьесаларынын айрымдары гана сахналаштырылып, көпчүлүгү сокур намыстуу саясаттын көмүскөсүндө калып кеткен.

Жогорудагы драмалардын кыйласы түрмөдө жазылган. А. Үмөталиевдин нукура талантын түрмө да мокото албагандыгын айгенелейт. Түрмөнүн катаал шартында да анын көрөңгөлүү чыгармачылык шыгы бөксөрбөстөн анда ал өздүк көркөм чыгармачылык ийримин уюштуруп, республикалык кароодо биринчиликти жеңип алгандыгы тууpacында айтылып жүрөт. Пьесалар конкурсуна жашырын ат менен катышып, анда да биринчи орунду жеңип алган.

«Кыз тагдыры» аттуу көлөмдүү поэмасы жана көптөгөн ырлары али жарык көрө элек.

СССР жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө 1957-жылы өткөн. Бирок А.Үмөталиев жогорку кесепеттен улам мүчөлүктөн чыгарылган, ал эми 1998-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кайрадан кабыл алынган.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

**«Арча»** , Ырлар. Фрунзе, 1957, 118 бет

**«Эркиндик булбулу»**, Поэма жана ырлар. Фрунзе, 1959, 156 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

**Д. Самаганов.** «Писатели Советского Киргизстана». Бишкек, 1969, 556 бет.

**Д. Туратов.** «Арча». Рецензия. Ош облустук «Ленин жолу» гезити, 5.07. 1958.

**У. Мамытов.** «Өңү өчпөгөн ырлары бар эле» , «Ош жаңырыгы» гезити, 30.10.1991

**К. Сактанов.** «Кайран киши» , «Кыргызстан маданияты, 21.11.1991.

«Маркум акын А.Үмөталиев тууралуу», «Ош жаңырыгы», 11.01.1991.

**К. Бостонбаев.** «Эскерүү», А.Нурдинов. «Менин сунушум»,

**З. Пасаңова.** «Мезгил актасын», «Ош жаңырыгы», 6.12. 1991.

**Ж. Каримов.** «Атамды көргөн өлбөсүн», «Кыргыз туусу», 23.10. 1997.

**У. Мамытов.** «Алайдан чыккан Айтмамат». «Ош жаңырыгы», 27.11.1997.

«Айтмамат айтылуу акын эле». «Ош жаңырыгы», 14.01. 1998.

**Т. Орунбаев.** «Айтмамат Алайдын айтылуу акыны эле». Алай райондук «Алай таңы» гезити», 31.05. 1998.

**Т. Орунбаев.** «Акындын сөзү өлбөйт». «Заман Кыргызстан», 10.07. 1998.





## ШАРИПОВА САЛИМА

24.08.1950-ж. туулган.

Прозачы жана акын Салима Канат кызы Шарипова Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Кызыл-Суу айылында туулган. Атасынын кызматына байланыштуу Ош, Куршаб, Гүлчөдөгү мектептерде окуган, 10- классты Өзгөн шаарынан күмүш медалы менен бүтүргөн.1967-жылы Москвадагы эт жана сүт өнөр жай технология институтуна кирген. Студент кезинде коомдук иштерге активдүү катышып, СССРдин атынан студенттердин 1-Эл аралык конференциясына барып, анда 1-даражадагы дипломго ээ болгон. 1973-жылы технологиялык институтту бүтүп, Москва облустук сүт өнөр жай бирикмесине инженер-технолог болуп ишке кирген. 1974-жылы Ош шаарына келип, комсомолдук кызматта, кийин облустук аткаруу комитетинде кызмат кылган. 1976-1990-жылдарда Жалал-Абад шаарында өндүрүш башчысынан директордун орун басары, 1990-1991-жылдарда Түштүк-Кыргызстан окуу-илимий борборунда «Экономикалык социология» лабараториясында илимий маалыматтар, илимий-изилдөө институтунун Ош бөлүмүнүн жетекчиси болуп иштеген. Төрт жыл Кыргыз Республикасындагы аялдар конгрессинин вице-президенти болгон, 1999-жылы «Өмүр баян—биография» аттуу коомдук фонд уюштурган. Учурда «Ош» альманахынын башкы редактору.

Жолдошу Султанов Жоробай каза болгон. С. Шарипованын Эмил, Сейдил, Гүлзейин аттуу уул-кыздары бар. Эки уулу Түркияда, кызы Америкада окуп жана иштеп жатат.

С. Шарипова 1984-жылы ВЦСПСтин «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

1999-жылы 24–мартта Тажик Республикасынын «Тең укуктуулук үчүн» («За равные права») деген эл аралык сыйлыгына татыктуу болгон. Анын адабий чыгармачылык жолу 1983-жылдан башталып, ошол жылы анын «Как быть» аттуу алгачкы аңгемеси «Комсомолец Киргизии» гезитине жарыяланган. Андан кийин анын көптөгөн аңгемелери, публицистикалык макалалары облустук, республикалык гезиттерде жана мурдагы СССРдин башка гезиттеринде да жарыяланган. Ал кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде жазгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Салима Шарипова 1996-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Жаңы толкун», Ырлар. Ош, 1992, 32 бет.
«Жесир», Аңгемелер. Ош, 1993, 32 бет.
«Жаандан кийин», Ырлар. Бишкек, 1996, 54 бет.
«Караңгы түндө ак куулар». Бишкек, 1996, 176 бет.

*Орус тилинде*

«Разговор об Аликуле и о людях науки». Ош. 1991, 70 бет.
«Жертва», Повесть, рассказы, стихи. Москва, Жалал-Абад,1993, . 136 бет.
«А женщины любят рыцарей…», монолог. Бишкек, 1996, 32 бет.
«Ностальгия по любви», Стихи, рассказы, очерки. Бишкек,1996, 224 бет.
«Белые лебеди в черный день», художественно-публицистическое эссе. Бишкек, 1996, 176 бет.
«Первая и единственная», публицистический очерк. Ош, 1999.16 бет.
«Долгий путь к любви». Душанбе, 1999, 144 бет.
«На берегах любви». Душанбе, 1999, 108 бет.

*Өзбек тилинде*

«Ок танглар». Хужанд, 1999, 88 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Синельников М. «О творчестве С. Шариповой», «Снег давних . лет», «Жертве», 1992.

Алыкулав Б. «Салима», «Кыргыз Туусу», 12. 12. 1996.

Шаромова Т. «Удачи Салимы», «Женское дело». 8. 08. 1997.

Разыкова Р. «Не уставай, Ханум, Бегим, Эже…», «Слово Кыргызстана» 23.11.1996.

Уринбаев М. «Замин даврини тетиратткан аял», «Уш саодаси», 12.08.1997.

Исмаилова Р. «Ал эрдиги менен элге жакты», «Ош жаңырыгы», 20.08.1996.

Салахитдинов И. «Необыкновенная женшина», «Минбари халк», («Народная трибуна») 17.09. 1999.

Салахитдинов И. «Адаттагыдан артыкча аял», «Ош жаңырыгы», 22.09.1999.



## ШЕРИЕВ ЖЭЭНАЛЫ

21.04.1934-ж. туулган



Адабиятчы, сынчы, окумуштуу Жээналы Шериев Кара-Суу районунун Папан айылында туулган. Жашы жеткенде Федоров атындагы орто мектепке кирип, жети жылдыкты «Арал» мектебинен аяктап, 1949-жылы Ош педагогика окуу жайына тапшырып, аны 1952-жылы бүтүргөн. Биринчи мугалимдик эмгек чыйырын Ноокат районундагы Тельман атындагы жети жылдык мектептен баштап, анда эки жыл иштеген. Жогорку билимди 1954-1959-жылдары Ош мамлекеттик педагогика институтунан алган. 1960-жылдын 1-сентябрынан Ош мамлекеттик университетинде (мурдагы институт) алгач мугалим, профкомдун төрагасы, андан кийин ага мугалим, 1978-жылдан доцент жана кафедра башчысы, 1988-1992-жылдары илимий иштер боюнча проректор, ал эми 1991-жылдан кафедранын профессору болуп эмгектенип келүүдө.

Өмүрлүк жубайы Шериева Лайлй үй кызматында, Абдыганы, Лира, Чолпон, Жамиля, Эркаим аттуу уул-кыздары бар. Ош шаарында жашап турушат.

Жээналы Шериев 1981-жылы «Эл агартуунун отличниги», 1991-жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» деген наамдарды алган, 1998-жылы «Даңк», 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата «Эстелик медаль» менен сыйланган.

Ж. Шериевдин алгачкы чыгармачылыгы көркөм адабиятка ой айтуудан башталып, 1960-жылы анын биринчи «Жашагым келет» жөнүндө» деген рецензиясы облустук «Ленин жолу» гезитине чыккан. Андан кийин «Поэзия күнү турмуштан алат», «Турмушка элдин көзү менен караган акын», «Ч. Айтматов чыгармаларында фольклордук салт жөнүндө» жана башка көптөгөн ой-пикирлери, рецензиялары «Ала-Тоо» журналында, илимий эмгектерде басылган.

Ж. Шериев 1996-жылдан Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

«Кыргыз поэзиясындагы чеберчилик маселеси». Бишкек, 1973, 29 бет.

«Адабий терминдердин кыргызча кыскача түшүндүрмө сөздүгү». Бишкек, 1987, 120 бет.

«Сооронбай Жусуев китепте»,( Кыргыз советтик адабият тарыхы», 11- том). Бишкек, 1990, 515-539 беттер.

«Адабият таанытkыч», Ош, 1993, 98 бет.

«Кыргыз адабияты», ( Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү ). Бишкек, 1994, 160 бет.

«Байыркы жана орток кылымдагы түрк адабияты». Бишкек, 1996, 200 бет.

«Байыркы орток түрк адабияты» Бишкек, 1996, 384 бет.

«Кыргыз адабият тарыхынын программасы». Бишкек, 1998, 28 бет.

«Кыргыз адабиятынын программасы» (С. Момуналиев менен биргеликте, өзбек класстарынын 5-9-класстары үчүн ), Ош, Бишкек, 1999, 28 бет.

## АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Уразова Ж. «Дарс таасиринен улам», «Ош жаңырыгы», 20.06. 1996.

Топчуев А. Надиров, А. «Адабият дүйнөсүнө саякат», «Ленин жолу» 16.02.1989.

Исмаилова Р. «Таланттуу илимпоз», «Ленин жолу», 29.05.1991.

Тиллебаев Э. «Пайдалуу да, кызыктуу да», «Ош жаңырыгы», 10.08.1993.

Ирисов П. «Туу тутуп аруулукту, жакшылыкты»,«Ош жаңырыгы», 1.02.1994.

Момуналиев С. «Устат баскан узак жол», «Ош шамы», 1.10. 1994.

Тиллебаев Э. «Колдо бар алтындын баркы жокпу?», «Ош жаңырыгы»,16.04.1996.



## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР ЖАНА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

**ЖС** — жазуучулар Союзу

**Жазуучулардын Оштогу бөлүмү** — Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмү.

**Ош пединституту** — Ош мамлекеттик педагогикалык институту

**«Ош жаңырыгы»** — Облустук «Ош жаңырыгы» гезити.

**Кыргыз Республикасынын Грамотасы** — Мамлекеттик сыйлык болгондуктан мурдагы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин президиумунун Указы менен берилген Грамоталар да Республиканын сыйлыгы катары көрсөтүлдү.

**Бишкек** — Китептердин жарыяланган дарегин жөнөкөйлөштүрүү иретинде республиканын борбору бардык мезгил үчүн шарттуу «БИШКЕК» деп алынды.

**Кара-Кулжа** — райондор акыркы аталышы менен берилип, айрым учурда мурдагы аты кашаанын ичинде көрсөтүлдү.

## МАЗМУНУ

Түзүүчүлөрдөн....3
Жазуучулар уюмдары....5
Абдувапов Амангелди....13
Абдугафуров Абдугани....14
Абдуллаев Юлдашали....16
Абдыраев Султан....17
Абылов Сапар....18
Акунова Жыпар....19
Ашырбеков Мырзаш....20
Барпиев Алибай....21
Бекмирзаев Кулдашбай....22
Жакыпов Атакул....23
Жакыпов Мамат....24
Жаныбеков Маматибраим....26
Жетимишев Суранчы....27
Жороев Турабай....28
Жуманова Майрамкан....29
Жээнбеков Жапар....30
Закирова Тазагүл....32
Иминжанов Мамыр....35
Йрисов Пайзилда....37
Кадыров Сатыбалды....38
Камалов Абдимитал....39
Каримов Ахаджан....41
Каримов Жээнбек....42
Каримов Рахим....44
Кенжеев Токтогул....45
Кулиев Сабыралы....46
Култегин Кожогелди....47
Курашев Журабай....49
Куттубаев Темирбек....50
Малаев Абылкасым....52
Мамытов Улукбек....53
Маннанов Абдукаххар....55
Мисиров Амангелди....57
Мияшев Таш....58
Мусаев Ишенгазы....60
Нурдинов Алмаз....62
Осмонов Эрмамат....63
Пасаңова Зинакан....65
Сайдуллаев Нууман....66
Сапаев Муса....68
Сулайманов Исраил....70
СулаймановТоктобай....72
Ташбаев Кармышак....74
Таштемиров Усман....78
Тиллебаев Эсен....80
Туратов Дүйшөнбай....81
Умаров Вахап....83
Урбаев Абдирашит....84
Үмөталиев Айтмамат....86
Шарипова Салима....89
Шериев Жээналы....91
Шарттуу кыскартуулар жана түшүндүрмөлөр....93

# ОШ ЖАЗУУЧУЛАРЫ

(Ошские писатели — биобиблиографический справочник )

Түзүүчү авторлор: Жээнбек Каримов, Бактыгүл Мырзаева, Улукбек Мамытов, Рахима Махмудова.

Редактору Т.Сулайманов
Техредактор М,Маматалиев
Корректору У.Мамытов

Терүүгө 4.12.1999-ж берилди. Басууга 21.04.2000-ж. кол коюлду.
Форматы 60х84/16, Көлөмү 5,1 басма табак. Буюртма № 1945.
Нускасы 1000. Офсеттик ыкма менен басылды.

Кыргыз Республикасынын жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмү. Токтогул атындагы облустук китепкана.
Ош облустук басмаканасы.
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209.